**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде, анын түзүмдүк жана ведомстволук бөлүнүштөрүндө, ага караштуу кызматтарда жана мекемелерде 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга карата аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдын 21-июлундагы № 06-1/437, 2025-жылдын 25-сентябрындагы №06-1/594 буйруктарына ылайык, аудитор А.Т. Байгазаковдун жетекчилиги алдында - башкы мамлекеттик инспектор С.Д. Зулуев, мамлекеттик инспекторлор А.О. Аллабердиев, М.К. Нусупов, Р.А. Оморов, Э.Т. Утуров, Б.Э. Искитов, К.Н. Жусукеев жана К.Б. Джумагулов тарабынан 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин бюджетинин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектиси**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана ага караштуу мекемелер жана кызматтар: Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык жана бажы кызматтары *(учурда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык жана бажы кызматтары)*, Мамлекеттик бажы кызматынын алдындагы "Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасы (*учурда "Мамлекеттик бажы инфраструктурасы" ачык акционердик коому*), Финансылык чалгындоо кызматы жана анын Окуу борбору, "Салык сервис" мекемеси, "Инфосистемс" мамлекеттик ишканасы, Окуу борбору, Баалуу кагаздар департаменти, Мындан сырткары, 2024-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин алкагында Финансы-кредиттик фонду *(учурда "Мамлекеттик финансылык холдинг" ачык акционердик коому)*, натыйжалуулук аудити менен чогуу жүргүзүлгөн аудитте камтылган Мамлекеттик сатып алуулар департаменти жана ага караштуу "Сатып алуулар борбору" мамлекеттик мекемеси.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин (мындан ары – Финансы министрлиги) жетекчилиги каражаттарды башкаруу жана ыйгарым укуктарын ишке ашырууга, ошондой эле бул аудиттин предметине карата жоопкерчилик тартат.

**Аудиттин милдети**

Аудитордун жана аудитордук топтун милдети - Финансы министрлигинин бюджетинин аткарылышы мыйзамдардын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келиши боюнча өз алдынча корутунду чыгаруу болуп саналат. Аудит, корутундуларды тастыктоо үчүн, жетиштүү тиешелүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну өзүнө камтыйт. Аткарылган

жол-жоболор аудитордун жана аудитордук топтун кесиптик көз-карашына, анын ичинде алдамчылыктан же катачылыктан улам олуттуу шайкеш келбей калуу тобокелдигине баа берүүдөн көз каранды. Аудит аткарылган аудитордук жол-жоболор учурдагы кырдаалга ылайыктуу жана алынган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негиз болуп бере алат, деп эсептейт.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети Финансы министрлигинин бюджетинин аткарылышын ченемдик укуктук актылардын (мындан ары – ЧУА) жана ички ченемдик документтердин талаптарына шайкештигин изилдөө болуп саналат.

Аудит тарабынан Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын буга чейинки аудит жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун жана сунуштамаларынын аткарылышын талдоо, маанилүүлүк деңгээлин аныктоо, аудитке жеткиликтүү болгон ченемдик укуктук актыларды, локалдык актыларды жана башка отчетторду изилдөө жана талдоо, далилдерди чогултуу, анын ичинде бюджеттин түзүлүшү жана аткарылышы, эмгек акынын чегерилиши жана төлөнүшү, бюджетке жана Социалдык фондго чегерүүлөр, иш сапар жана кассалык чыгымдары, дебитордук жана кредитордук карыздар, негизги каражаттардын жана товардык материалдык запастардын сакталышы жана пайдаланылышы, мамлекеттик сатып алуулар, тарифтерди аныктоо камтылды.

**Аудиттин критерийлери**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы № 648 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн башкаруу функцияларын өткөрүп берүү чаралары жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобо (*КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б буйругуна ылайык күчүн жоготту)*;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясы жана башка ченемдик укуктук актылар.

**Колдонулган аудит стандарттары**

Аудит INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити боюнча жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын

19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык стандарттардын сакталышын, ошондой эле, аудиттин предмети бардык олуттуу аспектилери боюнча мыйзамдарга жана ченемдик укуктук актыларга ылайык келерине негиздүү кепилдик алуу үчүн аудитти пландаштырууну жана өткөрүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Аудит, бюджеттин аткарылышы ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлүп жаткандыгы жөнүндө корутундуларды тастыктаган жетиштүү жана тиешелүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт.

Аудиттин жүрүшүндө Финансы министрлигинде жана анын түзүмдүк, ведомстволук бөлүнүштөрүндө финансылык отчеттуулук, бухгалтердик эсеп, мамлекеттик сатып алуулар, тарифтерди аныктоо жана башка ченемдик укуктук актылар чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарына шайкеш келишине байланыштуу маселелер каралды.

Аудит жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн, тастыктоочу корутундуларды, жол-жоболордун аткарылышын өзүнө камтыйт жана ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлдү.

Аудит, чогултулган аудитордук далилдер бул отчетто корутундулар жана сунуштар үчүн негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Корутунду**

2024-жылга Финансы министрлигинин, анын түзүмдүк жана ведомстволук бөлүнүштөрүнүн бюджеттеринин аткарылышы төмөнкү баяндалган жагдайларды эске албаганда, бардык олуттуу аспектилерде мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге (аталган критерийлерге) шайкеш келет.

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы

**Аныкталды жана корутунду**

2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жана анын ведомстволук түзүмдөрүнүн чыгымдар сметасынын аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча берилген:

- 13 пункттан турган жазма буйруктун *(2024-жылдын 10-октябрындагы № 01-20/120)* 10 пункту аткарылган, 3 пункту (1, 2 жана 13-пункттары) жарым-жартылай аткарылган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 125 847,00 миң сомдон 120 661,40 миң сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 5 185,6 миң сомду түзгөн.

- 6 пункттан турган сунуштама *(2024-жылдын 10-октябрындагы № 01-20/121)* толугу менен аткарылган;

- 5 пунктан турган сунуш *(2024-жылдын 10-октябрындагы №01-9/1072)*

толук аткарылган эмес.

2022-жылга карата Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин, анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча ***Мамлекеттик бажы кызматынын алдындагы "Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасына*** *("Мамлекеттик бажы инфраструктурасы" ачык акционердик коому)* берилген жазма буйруктун *(2023-жылдын 11-ноябрындагы № 01-20/125)* "Түзүлгөн келишимдерге ылайык, Бажы брокерлер ассоциациясынан "Бажы инфраструктурасы" Мамлекеттик ишканасынын пайдасына 48 760,8 миң сом суммасы өндүрүлсүн" деген 15-пункту аткарылган эмес.

Мындан тышкары, ***Мамлекеттик бажы кызматынын алдындагы "Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасына*** *("Мамлекеттик бажы инфраструктурасы" ачык акционердик коому)* 2018-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен берилген жазма буйруктун *(2019-жылдын 29-августундагы № 01-23/192)* 10.1-пункту боюнча "131,0 миң сом өлчөмүндө күйүүчү-майлоочу майлардын негизсиз эсептен чыгарылган наркын калыбына келтирүү" жарым-жартылай аткарылган, анын ичинен; 61,0 миң сом калыбына келтирилген, 30,2 миң сомго соттун чечими чыгарылган, калган 39,8 миң сом калыбына келтирилген эмес.

**Сунуштама**

2023-жылга карата Финансы министрлигинин жана анын ведомстволук түзүмдөрүнүн чыгымдар сметасынын аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктун *(2024-жылдын 10-октябрындагы № 01-20/120)* жарым-жартылай аткарылган 1, 2 жана 13-пункттары жана сунуштун *(2024-жылдын 10-октябрындагы № 01-9/1072)* толугу менен аткарылышы камсыздалсын жана 5 185,6 миң сом өлчөмүндөгү калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы калыбына келтирилсин.

Аудит жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктарын жана сунуштун толук аткарбагандыгы үчүн жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына:***

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 11-ноябрындагы № 01-20/125 жазма буйругунун 15-пунктун аткаруу көзөмөлгө алынсын жана актуалдуулугу тууралуу сунуштар берилсин;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2019-жылдын 29-августундагы № 01-23/192 жазма буйругунун 10.1-пункту боюнча 40,3 миң сом өлчөмүндөгү калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы калыбына келтирилсин.

**Кирешелер жана чыгашалар сметаларынын аткарылышы**

Финансы министрлигинин борбордук аппаратын, аймактык башкармалыктарын, Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматын, Окуу борборун, Баалуу металлдар департаментин, Финансы-кредиттик фондун, Мамлекеттик сатып алуулар департаментин жана Департаментке караштуу

Сатып алуулар борборун бюджеттик каржылоого 2024-жылга 1 503 041,7 миң сом суммасында смета бекитилсе, такталган смета 1 358 627,9 миң сомду, кассалык чыгымдар 1 143 947,2 миң сомду түзүп, иш жүзүндөгү чыгымдар 84% га аткарылып, 1 160 618,1 миң сомду түзгөн.

Толук маалымат төмөндө:

| № | Чыгымдардын аталышы | Бекитилген смета | Такталган смета | Кассалык чыгымдар | Иш жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Борбордук аппарат | 751 295,6 | 590 466,5 | 466 889,9 | 525 580,0 |
| 2 | Аймактык башкармалыктар | 446 490,5 | 446 744,5 | 422 056,7 | 415 877,0 |
| 3 | Ички аудит кызматы | 59 470,2 | 61 381,2 | 47 589,1 | 42 673,0 |
| 4 | Окуу борбору | 8 430,6 | 25 660,6 | 10 364,8 | 9 459,4 |
| 5 | Баалуу металлдар департаменти | 52 469,3 | 59 620,2 | 49 070,2 | 20 708,4 |
| 6 | Мамлекеттик сатып алуулар департаменти | 43 427,5 | 42 236,9 | 29 111,5 | 28 447,1 |
| 7 | Сатып алуулар борбору | 20 250,2 | 17 810,2 | 9 707,6 | 9 690,7 |
| 8 | Финансы-кредиттик фонд | 121 207,8 | 114 707,8 | 109 157,4 | 108 182,4 |
| | **Жыйынтыгы** | **1 503 041,7** | **1 358 627,9** | **1 143 947,2** | **1 160 618,1** |

Ушундай эле, атайын каражаттардын эсебинен каржылоого бекитилген смета 361 610,0 миң сомду, такталган смета 1 574 311,0 миң сомду, кассалык чыгымдар 935 220,3 миң сомду же 59% ды түзсө, иш жүзүндөгү чыгымдар 661 407,8 миң сомду түзгөн.

| № | Чыгымдардын аталышы | Бекитилген смета | Такталган смета | Кассалык чыгымдар | Иш жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Борбордук аппарат | 240 000,0 | 1 057 537,0 | 570 427,8 | 330 431,4 |
| 2 | Аймактык башкармалыктар | | 177 007,0 | 156 961,7 | 144 233,7 |
| 3 | Ички аудит кызматы | | 33 468,9 | 25 113,4 | 25 113,3 |
| 4 | Окуу борбору | 18 560,0 | 21 066,5 | 16 701,6 | 16 409,5 |
| 5 | Баалуу металлдар департаменти | 8 050,0 | 25 569,2 | 17 301,9 | 16 607,0 |
| 6 | Мамлекеттик сатып алуулар департаменти | | 13 136,0 | 9 253,7 | 9 562,9 |
| 7 | Сатып алуулар борбору | | 12 429,7 | 5 783,2 | 5 783,2 |
| 8 | Финансы-кредиттик фонд | 95 000,0 | 234 096,6 | 133 677,0 | 113 266,9 |
| | **Жыйынтыгы** | **361 600,0** | **1 574 311,0** | **935 220,3** | **661 407,8** |

Мындан сырткары, Финансылык чалгындоо, Мамлекеттик салык жана бажы кызматтарынын чыгымдарына бюджеттик каражаттардын эсебинен 4 660 006,2 миң сом смета бекитилген, такталганы 9 085 939,0 миң сомду, кассалык чыгымдар 7 698 347,6 миң сом же такталган бюджетке карата 85% ды түзсө, иш жүзүндөгү чыгымдар 6 168 130,1 миң сомду түзгөн.

Толук маалымат төмөндө:

| № | Чыгымдардын аталышы | Бекитилген смета | Такталган смета | Кассалык чыгымдар | Иш жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Финансылык чалгындоо | 57 077,9 | 54 727,3 | 50 605,6 | 46 476,8 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | кызматы | | | | |
| 2 | Мамлекеттик салык кызматы | 2 745 877,3 | 5 572 839,1 | 5 382 201,7 | 4 692 582,6 |
| 3 | Мамлекеттик бажы кызматы | 1 857 051,0 | 3 458 372,6 | 2 265 540,3 | 1 475 547,5 |
| | **Жыйынтыгы** | **4 660 006,2** | **9 085 939,0** | **7 698 347,6** | **6 168 130,1** |

Ушундай эле, атайын каражаттардын эсебинен каржылоого бекитилген смета 8 035,5 миң сомду, такталган смета 6 833,6 миң сомду, кассалык чыгымдар 6 714,1 миң сомду же 83% түзсө, иш жүзүндөгү чыгымдар 6 714,1 миң сомду түзгөн.

| № | Чыгымдардын аталышы | Бекитилген смета | Такталган смета | Кассалык чыгымдар | Иш жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Финансылык чалгындоо кызматы | 6 935,5 | 6 633,6 | 6 633,6 | 6 633,6 |
| 2 | Мамлекеттик бажы кызматы | 1 100,0 | 200,0 | 80,5 | 80,5 |
| | **Жыйынтыгы** | **8 035,5** | **6 833,6** | **6 714,1** | **6 714,1** |

Борбордук аппараттын чыгымдарын каржылоо республикалык бюджеттин, атайын каражаттардын, жана мыйзамдарга каршы келбеген каржылоонун башка булактарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Атайын эсеп боюнча каражаттардын булактары ***ведомстволук мекемелерден Министрликтин борбордук аппаратына чегерүүлөр*** жана ***коммерциялык банктарда убактылуу токтоп турган акча каражаттарын жайгаштыруудан алган пайыздар*** болуп саналат.

Мамлекеттик бажы кызматынын атайын каражаттары интеллектуалдык менчик объектилерин бажы реестрине киргизүү, товарларды жана транспорт каражаттарын бажылык коштоо, кошумча кесиптик билим берүү сыяктуу акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн келип түшөт.

**Бюджеттин кирешелер жана чыгашалар бөлүгүнүн түзүлүшү**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы № 547 КПҮ ***Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын*** "Өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонду" жөнүндө жобону бекитүү тууралуу токтомуна ылайык, Фонд боюнча бекитилген чыгымдар сметасы иш жүзүндө эмгек акы төлөө фонду - 75,5%, ал эми материалдык-техникалык жана социалдык базаны өнүктүрүү жана чыңдоо - 24,5% ды түзүп, натыйжада Эмгек акы фондунун белгиленген 90%дык жана материалдык-техникалык жана социалдык базасын өнүктүрүүгө жана чыңдоого бөлүнгөн акча каражаттардын 10%дык үлүштөрү сакталган эмес, ал эми ортодогу айырма 14,5% ды же 2 411,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматында Өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондунун чыгымдар сметасын түзүүдө жана бекитүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы №547 КПҮ *(КР Министрлер Кабинетинин*

*2023-жылдын 19-октябрындагы №551 жаңы редакциясындагы)* токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонду жөнүндө” жобонун талаптары жетекчиликке алынып, Эмгек акы фондуна жана материалдык-техникалык жана социалдык базасын өнүктүрүүгө жана чыңдоого бөлүнгөн акча каражаттарынын пайыздык үлүштөр белгиленген өлчөмдөн (90/10) ашырылбасын.

## Бюджеттик жана атайын эсептеги каражаттардын пайдаланылышы

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансы министрлигинде*** 2024-жылдын 4-июнундагы №87-Б буйругунун жана ошол эле жылдын 5-июнундагы “Творческий центр Арт-Онор” ЖЧКсы менен түзүлгөн эки тараптуу №50 келишимдин негизинде “Король Лир” спектаклине билет сатып алууга 230,0 миң сом (230 билет*1000 сомдон) Финансы министрлигинин атайын эсептеги каражатынан 2024-жылдын 24-июнундагы № 991 төлөө чеги менен которулуп берилген. Финансы министрлигинин атайын эсебинин каражаттары Финансы министрлигинин 2022-жылдын 3-июнундагы №93-б буйругу менен бекитилген, “Атайын эсептеги каражаттарды түзүү жана пайдалануу боюнча” жобонун 9-пунктунда көрсөтүлгөн максаттуу багыттарда пайдаланылбастан, 230,0 миң сомго “Король Лир” спектаклине билеттерди сатып алууга негизсиз чыгымдалган.

Мындан тышкары, Финансы министрлигинин 2022-жылдын 18-ноябрындагы “2022-2025-жылдарга жамааттык келишиминин” 7.1-пунктуна ылайык, профсоюз комитетинин кайрылуусунун негизинде спорттук-ден соолукту чыңдоо жана социалдык-маданий иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө, Финансы министрлигинин кызматкерлеринин балдарына (16 жашка чыкканда) спорттук инвентарларды, жаңы жылдык белектерди сатып алууга укуктуу. Бирок, Финансы министрлигинин профсоюз комитетинин кайрылуусу (өтүнүчү) жана кызматкерлердин “Король Лир” спектаклине баргандыгын камсыз кылгандыгы тууралуу тизме жок.

**Сунуштама:**

“Король Лир” спектаклине негизсиз чыгымдалган 230,0 миң сом ордуна коюлсун жана чыгымдоого жол берген тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

## Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин атайын эсептеги каражаттары

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 111-беренесинде бюджеттик тутумдун бюджеттеринин убактылуу эркин каражаттарын жайгаштыруунун тартибин аныктоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жүзөгө ашырыла тургандыгы белгиленген.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №135 токтому менен бекитилген, “Кыргыз

Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу” тартибинин 7-пунктунда көрсөтүлгөндөй, бюджеттик системанын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштыруудан пайыздык киреше түрүндө алынган акча каражаттары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин атайын эсебине чегерилет *(Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 26-декабрындагы № 839 токтому менен күчүн жоготкон. Бирок аталган токтомдун шарттары сакталган).*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 токтому менен бекитилген Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө жобонун 9-10-пункттарынын негизинде, коммерциялык банктарда убактылуу топтолгон акча каражаттарын жайгаштыруудан түшкөн пайыздар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин атайын эсебине которулуп, аталган жобонун 14-пунктуна ылайык чыгымдалат *(Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтому менен күчүн жоготкон. Бирок аталган токтомдун шарттары сакталган).*

2024-жылга карата Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин атайын эсебине республикалык бюджетте эркин калган акча карржаттарынын пайыздары 1 064 703,6 миң сомду түзүп, 570 427,8 миң сом чыгымдалган.

Ал эми, чыгымдардын олуттуу бөлүгү Министрликтин кызматкерлерине шарт түзүү максатында багытталган. Мисалы:

- Министрликтин кызматкерлеринин сый акысына - 297 803,3 миң сом;
- Министрликтин ардагерлерине жардам көрсөтүү - 5 662,0 миң сом;
- Кызматкерлердин турак жай алышы үчүн ссуда - 66 700,0 миң сом;
- ар кандай иш чараларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана товарларды сатып алууга ж.б. чыгымдарга 200 262,5 миң сом.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, атайын эсептеги акча каражат көбүн эсе Министрликте сый акы төлөө үчүн сарпталган, тактап айтканда 297 803,3 миң сом же, **52,2%** ды түзгөн. Алар төмөндөгүдөй:

миң сом

| № | **Атайын эсептин каражаттарынан каржыланган сый акылар** | |
|---|---|---|
| айлар | Эсептелди (миң сом) | багыты |
| Январь | **16 509,1** | 2023-жыл жыйынтыгы үчүн бир айлык сый акы (22.01.2024-ж. №20/л буйругу) |
| Февраль | **16 297,5** | 23-февраль үчүн бир айлык сый акы (20.02.2024-ж №83/л. буйругу) |
| Март | **33 049,9** | 8-март жана 21-март Нооруз майрамы үчүн эки айлык сый акы (15.03.2024-ж. №123/л буйругу) |
| Апрель | **32 827,1** | Орозо айт жана Май майрамдары үчүн эки айлык сый акы (3.04.2024-ж. №167/л , 30.04.2024-ж. №219/л буйруктары) |
| Май | **339,0** | Жеке салымы үчүн (29.05.2024-ж. №285/л буйругу) |
| Июнь | **34 560,6** | Финансисттер күнүнө жана Курман айт майрамына эки айлык сый акысы (4.06.2024-ж. №292/л жана 13.06.2024-ж. №303/л буйругу) |
| Июль | **16 366,1** | 2-кварталдын жыйынтыгы менен 1 айлык сый акы(10.07.2024-ж. №355/л буйругу) |
| Август | **18 448,9** | Эгемендүүлүк күнүнө карата жана тарых китебин жазгандыгы үчүн 21.08.2024-ж. №415/л жана 7.08.2024-ж. №401/л буйруктары) |
| Сентябрь | **17 550,1** | Күз-кыш айларына дайындануума бир айлык сый акы(9.09.2024-ж. |

| | | |
|---|---|---|
| | | №445/л буйругу) |
| Октябрь | **16 987,8** | 3-кварталдын жыйынтыгы менен бир айлык сый акы 16.10.2024-ж. №503/л буйругу) |
| Ноябрь | **17 120,9** | Ата-бабаларды эскерүү күнүнө жана Транспорт кызматкерлеринин күнүнө карата бир айлык сый акы (4.11.2024-ж. №552/л жана 5.11.2024-ж. №559/л буйруктары) |
| Декабрь | **33 860,4** | Республикалык бюджет жөнүндө КР Мыйзам жана жаңы жыл үчүн эки айлык сый акы (9.12.2024-ж. №623/л жана 23.12.2024-ж. №655/л буйругу) |
| **Баардыгы:** | **253 917,3 сый акысы (андан тышкары 43 886,0 миң сом Соц.фондго чегерүүсү)** | Мунун ичинде: 8 кызматкерди пенсияга узатууда 1 751,4 миң сом, үйлөнгөндөргө жана балалуу болгондорго 5,0 сомдон 15 адамга 75,0 миң сом, 6 кызматкерге 433,9 миң сом жеке салымы жана мыкты кызматы үчүн, 2 кызматкерге жардам 105, 4 миң сом, 2 кызматкердин туулган күнү маарекеси үчүн 98,0 миң сом сый акы катары берилген. |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин кызматкерлерине март, апрель, июнь жана декабрь айларында эки айлык өлчөмүндө сый акы төлөнүп берилген (бюджеттен төлөнүүчү айлыгын кошпогондо).

Жалпысынан, Министрликтин кызматкерлерине атайын эсептен бюджеттен каржылануучу бир жылдык фонду менен дээрлик бирдей көлөмдө сый акы төлөнүп берилген. Анын ичинен, Министрликтин жетекчилерине эсептелген жылдык айлык маянасын жана сый акысын 12 айга бөлгөндө ай сайын 248,4 миң сомдон 336,4 миң сомго чейин төлөнүп берилген, мисалы төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн:

миң сом

| № | **Министр** | | Министрдин орун басары | | Министрдин орун басары | | Министрдин орун басары | | Министрдин орун басары | | Министрдин орун басары | | Министрдин орун басары | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **айлар** | **атайын эсеп** | **бюджет** | **атайын эсеп** | **бюджет** | **атайын эсеп** | **бюджет** | **атайын эсеп** | **бюджет** | **атайын эсеп** | **бюджет** | **атайын эсеп** | **бюджет** | **атайын эсеп** | **бюджет** |
| **Январь** | **128,9** | **133,9** | **112,1** | **117,1** | **44,1** | **400,3** | **96,8** | **101,5** | **94,7** | **99,7** | **96,8** | **101,8** | **106,9** | **110,6** |
| **Февраль** | **128,9** | **109,6** | **112,1** | **116,1** | **99,6** | **41,8** | **96,8** | **101,3** | **94,7** | **99,7** | **96,8** | **101,8** | **106,9** | **111,9** |
| **Март** | **192,7** | **143,8** | **224,3** | **115,0** | **199,2** | **103,8** | **193,7** | **101,6** | **189,4** | **98,4** | **193,7** | **98,7** | **213,9** | **110,6** |
| **Апрель** | **257,9** | **132,5** | **226,6** | **119,7** | **199,2** | **104,1** | **193,7** | **101,4** | **189,4** | **98,0** | **195,5** | **101,9** | **213,9** | **111,5** |
| **Май** | **0.00** | **133,2** | **0.00** | **116,7** | **0.00** | **103,8** | **0.00** | **101,8** | **0.00** | **99,7** | **0.00** | **100,9** | **0.00** | **111,9** |
| **Июнь** | **257,9** | **104,9** | **229,3** | **118,9** | **199,2** | **104,1** | **193,7** | **423,7** | **189,4** | **406,8** | **194,3** | **100,0** | **262,9** | **110,1** |
| **Июль** | **129,4** | **503,8** | **117,4** | **510,8** | **99,6** | **81,9** | **104,2** | **93,1** | **94,7** | **65,0** | **97,1** | **360,9** | **106,9** | **466,8** |
| **Август** | **258,4** | **133,5** | **117,4** | **38,9** | **199,2** | **101,4** | **99,3** | **104,1** | **93,2** | **76,8** | **121,6** | **129,7** | **213,9** | **45,3** |
| **Сентябрь** | **129,4** | **133,3** | **117,4** | **110,7** | **99,6** | **104,1** | **99,3** | **104,3** | **94,7** | **99,7** | **99,6** | **104,6** | **106,9** | **111,5** |
| **Октябрь** | **129,4** | **142,9** | **117,4** | **129,9** | **99,6** | **111,2** | **99,3** | **110,8** | **94,7** | **106,3** | **99,6** | **111,2** | **106,9** | **111,4** |
| **Ноябрь** | **129,4** | **134,4** | **117,4** | **122,4** | **99,6** | **104,3** | **148,3** | **103,8** | **94,7** | **97,7** | **86,6** | **103,3** | **93,0** | **110,9** |
| **Декабрь** | **232,3** | **256,2** | **214,6** | **239,7** | **199,2** | **222,9** | **198,6** | **227,8** | **189,4** | **213,9** | **199,2** | **226,4** | **213,9** | **242,1** |
| **баардыгы:** | **1974,7** | **2061,9** | **1706,1** | **1856,0** | **1538,0** | **1583,8** | **1523,7** | **1675,2** | **1418,9** | **1561,9** | **1480,9** | **1641,4** | **1746,2** | **1754,7** |
| **Атайын эсе бюджет** | **4 036,6 :12 ай = 336,4** | | **3 562,1 : 12 ай =296,8** | | **3 121,8 :12 ай =260,2** | | **3 198,9 :12 ай =266,6** | | **2 980,8 :12 =248,4** | | **3 122,3 :12 =260,2** | | **3 500,9 :12 =291,7** | |

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин жетекчилерине 2024-жылы алган айлык маянасын жана сый акысын 12 айга бөлгөндө ай сайын 95,7 миң сомдон 144,3 миң сомго чейин төлөнүп берилген. Алар төмөнкүдөй:

миң сом

| **№** | **Министр** | | **Министрдин орун басары** | | **Министрдин орун басары** | | **Министрдин орун басары** | | **Министрдин орун басары** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **айлар** | **атайын эсеп** | **бюджет** | **атайын эсеп** | **бюджет** | **атайын эсеп** | **бюджет** | **атайын эсеп** | **бюджет** | **атайын эсеп** | **бюджет** |
| **Январь** | | **93,5** | | **214,8** | | **67,7** | | **65,5** | | **68,0** |
| **Февраль** | | **91,9** | | **69,6** | | **69,5** | | **68,6** | | **111,2** |
| **Март** | **88,7** | **91,5** | **12,5** | **73,0** | **79,0** | **60,0** | **7,6** | **25,5** | **66,5** | **71,0** |
| **Апрель** | | **92,2** | | **75,1** | | **71,6** | | **59,4** | | **70,3** |
| **Май** | | **92,7** | | **75,5** | | **77,5** | | **73,6** | | **76,9** |
| **Июнь** | **66,9** | **118,1** | **71,7** | **62,1** | **73,6** | **80,6** | **67,7** | **70,9** | **79,4** | **99,1** |
| **Июль** | | **107,4** | | | | **80,7** | | **71,8** | | **59,0** |
| **Август** | | **105,8** | | | | **75,1** | | **69,1** | | **71,3** |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Сентябрь** | **102,4** | **106,2** | **7,3** | **72,5** | **52,4** | **57,4** | **49,6** | **71,5** | **20,8** | **70,5** |
| **Октябрь** | **102,4** | **104,8** | **66,2** | **72,0** | **73,7** | **65,0** | **69,5** | **69,7** | **66,3** | **71,3** |
| **Ноябрь** | **75,4** | **107,0** | **66,2** | **69,9** | **73,7** | **77,3** | **47,4** | **68,2** | **66,3** | **71,3** |
| **Декабрь** | **86,5** | **98,3** | **66,2** | **93,3** | **73,7** | **129,5** | **69.5** | **123,5** | **66,7** | **105,3** |
| **баардыгы:** | **522,3** | **1 209,6** | **290,1** | **877,8** | **426,1** | **911,9** | **311,3** | **837,3** | **366,0** | **945,2** |
| **Атайын эсеп + бюджет** | **1 731,9 :12 ай = 144,3** | | **1 167,9 : 12 ай = 97,3** | | **1 338,0 :12 ай =111,5** | | **1 148,6 :12 ай =95,7** | | **1 311,2 :12 =109,3** | |

Таблицаларда көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жетекчилеринин эмгек акысы Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин жетекчилеринин эмгек акысына салыштырмалуу 2,5 эсеге чейин көп экендигин байкоого болот. Бул олуттуу айырмачылык, атайын эсептен төлөнгөн сый акылардын көлөмү жана алардын системдүү түрдө төлөнгөндүгү, министрликтер аралык сый акы төлөөдө финансылык теңсиздик бар экенин айкын көрсөтөт.

Анткени, кайсы министрликте же мамлекеттик ведомстводо атайын эсеп бар болгон болсо, ошол министрликтер же мамлекеттик ведомстволор сый акы алуу артыкчылыктарына ээ болууда.

Өзгөчө баса белгилеп кетүүчү жагдай, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу кандайдыр бир мамлекеттик кызмат көрсөтүү болуп саналбайт. Ошондой эле, бош каражаттарды коммерциялык банктарга жайгаштыруу бул Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин түздөн-түз милдети болуп саналат, тактап айтканда кандайдыр бир кошумча милдет жүктөлбөгөндүгүн баса белгилөө зарыл.

Ал эми, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августунда ПЖ № 266 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын баардык мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын кызматтык маяналарын эсептөө үчүн негиз болуп саналган минималдуу базалык ставка 7040 сом өлчөмү жана кызматтык маяналарынын өлчөмдөрүн аныктоодо колдонулуучу кызматтык маяналарга эселөө коэффициенттери белгиленген.

Ошондой эле, Министрликтин кирешелеринин олуттуу бөлүгү убактылуу бош акча каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруудан алынган пайыздык кирешелерден түзүлгөндүктөн, атайын эсепке кошумча каражаттарды тартуу максатында бирдиктүү казыналык эсептеги акча каражаттарын узак мөөнөткө кармап туруу кызыкчылыгынын пайда болуу тобокелчилиги бар. Бул жагдай каржылоолордун өз убагында жүргүзүлбөй калышына, жыл аягында пайдаланылбаган калдыктардын калыптанышына, бюджеттик каражаттардын өз убагында өздөштүрүлбөшүнө жана мамлекеттик каражаттарды натыйжасыз пайдаланууга алып келүү тобокелдигин жаратат.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин статустары бирдей болуп, бирок эмгек акы алуудагы 2,5 эсеге чейинки

айрымачылыгы министрликтердин сый акы алууга болгон теңсиздигин жаратууда.

Кандайдыр бир министрликке сый акы берүү артыкчылыгын бербөө же теңдөө үчүн, ошондой эле бюджеттик каражаттарды рационалдуу, майнаптуу, натыйжалуу пайдалануу жана ар кандай финансылык тобокелчиликтерди алдын алуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 26-декабрындагы № 839 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштыруу” тартибине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтому менен бекитилген, “Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобого тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилиши керек. Анткени, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесине жана Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 153-беренесине ылайык, коммерциялык банктарда убактылуу бош турган акча каражаттарын жайгаштыруудан түшкөн пайыздык акча каражаттары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин атайын эсебине эмес, жалпы республикалык бюджетке түздөн-түз кириштелип, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин иш-чараларына же кызматкерлеринин сый акыларына чыгымдалбай, белгилүү бир максаттуу багыттарга сарпталышы керек.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине***

Бюджеттик системанын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштыруудан алынган пайыздык кирешелерди сарамжалдуу пайдалануу жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин иш-чараларына жана кызматкерлеринин сый акыларына чыгымдалбастан, түздөн-түз зарыл болгон орчундуу жана максаттуу багыттарга пайдаланууну белгилөө менен, төмөнкү ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү керектиги белгиленет:

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 26-декабрындагы № 839 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштыруу тартибине;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтому менен бекитилген “Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобого.

## Кассалык жана банктык операциялар

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансы министрлигинде*** Финансы министрлигинин 2022-жылдын 3-июнундагы №93-б буйругу менен бекитилген, “Атайын эсептеги каражаттарды түзүү жана пайдалануу боюнча” жобонун 9-пунктунун

9-пунктчасынын (ардагерлерге жардам көрсөтүү) негизинде, 2024-жылы Финансы министрлик тарабынан атайын эсептеги каражаттардан жалпы 5 662,0 миң сом сарпталган. Бул акча каражаттары бюджеттик каражаттарды пайдалануучунун (ПБС) картасы аркылуу алынып, накталай түрдө колдонулуп, таратуу ведомосту аркылуу берилген. Материалдык жардамдар бир нече иреттен берилген. Бул, атайын эсептеги каражаттардын рационалдуу эмес пайдаланылышын көрсөтүп турат.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдын 8-декабрындагы № 2021-П-14/68-7-(ПС) токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында накталай эмес эсептешүүлөр жөнүндө” жобосуна ылайык, эсептешүүлөрдү накталай эмес формада жүргүзүү жагы каралсын, атайын эсептеги каражаттарды рационалдуу пайдалануу камсыз кылынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борбору*** тарабынан Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 6-бөлүгүн, тактап айтканда, бюджеттик мекемелер ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (Финансы министрлигинин) атайын уруксаты жок коммерциялык банктарда эсептерди ачууга укуксуз деген талаптарын сактабастан, республикалык бюджеттен каржыланууга өткөнгө чейинки мезгилде, коммерциялык банктарда ачылган чарбалык эсеп өз мөөнөтүндө жабылбай, аталган эсеп аркылуу 5 816,7 миң сомго банктык операциялар (чыгымдар) жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилигин кароо менен, бирдиктүү казыналык эсептер тутумунан сырткары коммерциялык банктар аркылуу банктык операцияларды жүргүзүүгө жол берилбесин.

## Эмгек акы, штаттык бирдиктер

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы №383 тескемеси менен, эмгек милдеттерин тийиштүү деңгээлде аткарбагандыгы үчүн, Финансы министрлигинин орун басары Р.С. Татиковго сөгүш берилген. 2022-жылдын 18-ноябрындагы Жамааттык келишимдин 6-бөлүмүнүн 15-пунктуна ылайык, сөгүш берилген кызматкердин сый акысынын 10% кармалат деп белгиленгендигине карабастан, Финансы министрлигинин орун басары Р.С. Татиковдун август айындагы сый акысынан (97,1 миң сом) 9,7 миң сом кармалган эмес.

**Сунуштама**

2022-жылдын 18-ноябрындагы Жамааттык келишимдин 6-бөлүмүнүн 15-пунктуна ылайык, сөгүш берилген кызматкердин сый акысынан кармалбаган 9,7 миң сом өндүрүлсүн жана Жамааттык келишимдин 6-бөлүмүнүн 15-пунктунун талаптарын бузууга жол берген тиешелүү

кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды\Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин борбордук аппаратынын айрым кызматкерлерине ченемдик укуктук актыларда белгиленбеген негизсиз 1 030,6 миң сом кызмат маяналарына үстөк акы катарында төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин борбордук аппаратынын кызматчыларына негизсиз 1030,6 миң сом үстөк акыларды төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду :**

Жаран Э.Х. Махмудов ***Мамлекеттик салык кызматынын*** 2021-жылдын 2-декабрындагы №457-к буйругун жокко чыгаруу боюнча сотко кайрылып, натыйжада, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2024-жылдын 22-январындагы К/п №05-2924/23 ГД, 05-16/24 ГД ВС 05-2486/23 токтомунун негизинде, мурдагы ээлеген кызмат ордуна кайра дайындалып, Мамлекеттик салык кызматынан 250,0 миң сом өндүрүп алган. Ушундай эле, Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2023-жылдын 16-февралындагы №Гд-5643/22 Б-3 чечимине ылайык, 2022-жылдын 9-декабрындагы №2095-к буйругунун негизинде ээлеген кызматынан бошотулган М.К. Отонбаев аттуу жаранга Мамлекеттик салык кызматы тарабынан 105,8 миң сом суммасында акча каражаты республикалык бюджеттен төлөнүп берилген. Мындан сырткары, республикалык бюджеттен 70,7 миң сом мамлекеттик алым катары төлөнгөн. Жалпысынан, аудит мезгил аралыгында Мамлекеттик салык кызматы жогорудагы сот иштерине байланыштуу 426,5 миң сом суммасында кошумча чыгымга учураган.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министерлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматына*** Республикалык бюджеттин эсебинен төлөнүп берилген 426,5 миң сомду өндүрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 138-беренесинин талаптарына ылайык иш жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамлекеттик салык кызматында*** Камчыбек кызы Медина “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 2-февралындагы №24 Жарлыгы менен бекитилген, “Мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кадрлар резервине киргизүү, аны түзүү жана иштетүү үчүн ачык конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө” жобонун 21-пунктун сактабастан, Мамлекеттик салык кызматынын 2024-жылдын 7-октябрындагы №3246-к буйругунун негизинде, кадрлар резервинин “улук тобу” тобуна конкурстан өтпөстөн туруп, Мамлекеттик салык кызматынын персонал менен иштөө башкармалыгынын кызмат өтөө бөлүмүнүн башчысы

кызмат ордуна дайындалып, 2024-жылдын 7-октябрынан тартып 2025-жылдын 11-июлуна чейинки мезгилде 1 156,6 миң сом суммасында маяна алган.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министерлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматына***

Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын талаптарын сактабагандыгы, Мамлекеттик салык кызматынын персонал менен иштөө башкармалыгынын кызмат өтөө бөлүмүнүн башчысы мамлекеттик кызмат ордуна Камчыбек кызы Мединаны конкурссуз дайындоого тиешеси бар жооптуу кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматында*** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 6-пунктунун талаптарын сактабастан, 2024-жыл ичинде кызматтык иш сапарда жүргөн кызматкерлерге транспорттук чыгымдар (айына 2,0 миң сом өлчөмүндө) жана тамактануу үчүн (айына 5,0 миң сом өлчөмүндө) негизсиз ашыкча эсептелинип, төлөнгөн компенсациялык төлөмдөр 73 учур боюнча 107,2 миң сомду түзгөн.

*Аудиттин жүрүшүндө, ашыкча төлөнгөн 107,2 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаттары, накталай түрдө № 1259/RCAS/6 квитанциясы менен тиешелүү бюджеттин эсебине толук көлөмдө которулду.*

**Сунуштама**

Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматында кызматчыларга иш сапар учурунда компенсациялык төлөмдөрдү жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын талаптары так сакталсын жана негизсиз төлөмдөргө жол берилбесин.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансы министрлигинин Окуу борборунда*** “Атайын эсебинде топтолгон каражаттардын эсебинен кошумча төлөмдөрдү төлөө шарттары жана өлчөмдөрү жөнүндө” жобонун 2.6-пунктунун тартиптик жазасы бар кызматкерлерге кошумча төлөмдөр төлөнбөйт деген талабы сакталбастан, 2024-жылы тартиптик жазасы бар жети кызматкерге жалпы 922,8 миң сом кошумча төлөм эсептелип, төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

*Финансы министрлигинин Окуу борборунун* “Атайын эсебинде топтолгон каражаттардын эсебинен кошумча төлөмдөрдү төлөө шарттары жана өлчөмдөрү жөнүндө” жобонун кошумча төлөмдөрдү төлөө шарттарын көзөмөлдөө тартиби кайра каралып чыксын жана тартиптик жазасы бар жети кызматкерге 922,8 миң сом төлөөгө жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансы министрлигинин Окуу борборунун*** 2024-жылдын 22-августундагы №24-072-буйругуна ылайык, оператор Ж.Н. Биримкулова 2024-жылдын 22-августунан тартып 24-декабрына чейин кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүүсүнө чыккан. 2024-жылдын август айынын табелине ылайык, 14 күн гана иштегенине карабастан, эсептик ведомостко ылайык, Ж.Н. Биримкуловага толук 22 күн үчүн эмгек акы эсептелип, 6,4 миң сомго ашыкча эмгек акы төлөнгөн.

*Аудиттин жыйынтыгында 6,4 миң сом өлчөмүндөгү акча каражат толугу менен калыбына келтирилип, республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө которулду (төлөм тапшырмасынын көчүрмөсү тиркелет).*

**Сунуштама**

Эмгек убактысын эсепке алуу табелдерин жана эмгек акы ведомостторун айкалыштыруу боюнча көзөмөл күчөтүлсүн, 6,4 миң сом суммасында ашыкча акча каражатын төлөөгө жол берген *Финансы министрлигинин Окуу борборунун* жооптуу кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансы министрлигинин Окуу борборунун*** 2024-жылдын июль айынын эсептик ведомостуна ылайык, бөлүм башчы Н.А. Азимовго 15,3 миң сом сый акы төлөнгөнү аныкталган. Бирок, Финансы министрлигинин 2024-жылдын 12-июлундагы №362/л буйругундагы сыйлык алуучу кызматкерлердин тизмесинде Н.А. Азимов көрсөтүлгөн эмес. Башкача айтканда бул сыйлык негизсиз берилген жана жооптуу кызматкерлер тарабынан жетишсиз көзөмөл жүргүзүлгөн.

Аудиттин жыйынтыгында 15,3 миң сом негизсиз төлөнгөн сый акы толугу менен калыбына келтирилип, республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө которулду.

**Сунуштама**

***Финансы министрлигинин Окуу борборунда*** Финансы министрлигинин 2024-жылдын 12-июлундагы №362/л буйругунда, сыйлык берүүчү кызматкерлердин тизмесинде жок болгон бөлүм башчы Н.А. Азимовго 15,3 миң сом сый акы төлөөгө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, сый акы жана башка төлөмдөрдү берүүдө документтерди толук жана туура даярдоо боюнча көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борборунун*** 2023-жылдын 19-декабрындагы № 90л/с буйругу менен бекитилген, “Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борборунун атайын эсебинде топтолгон каражаттардын эсебинен кошумча төлөмдөрдү жүргүзүүнүн шарттары жана өлчөмдөрү жөнүндө” жободо каралбаган ай сайын транспорттук чыгымдарды жабуу үчүн - 2,0 миң сом жана тамактануу үчүн - 5,0 миң сом өлчөмүндө, жалпы 266,0 миң сомго компенсациялык төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

***Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борборунун*** 2023-жылдын 19-декабрындагы № 90л/с буйругу менен бекитилген, “Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борборунун атайын эсебинде топтолгон каражаттардын эсебинен кошумча төлөмдөрдү жүргүзүүнүн

шарттары жана өлчөмдөрү жөнүндө” жобого ылайык келбеген транспорт чыгымдары жана тамактануу үчүн компенсациялык төлөмдөрдү жүргүзүү токтотулсун жана 266,0 миң сом өлчөмүндөгү компенсациялык төлөмдөрдү жүргүзүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Иш сапар чыгымдары**

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борбору*** тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомуна ылайык, кызматкерлер иш сапарда жүргөн учурда иш сапар чыгымдары (жол кире чыгымдары, суткалык жана турак жайды ижаралоо боюнча чыгымдар) жумуш берүүчү (мекеме) тарабынан төлөнүп бериле тургандыгына карабастан, кызматкерлерге 20 учур боюнча жалпысынан 30,6 миң сом суммасында транспорттук чыгымдарды жабуу үчүн 2,0 миң сом жана тамактануу үчүн 5,0 миң сом өлчөмүндө негизсиз ашыкча компенсациялык төлөмдөр төлөнгөн.

*Аудиттин жыйынтыгында негизсиз төлөнгөн 30,6 миң сом суммасындагы компенсациялык төлөмдөр ордуна коюлду (2025-жылдын 18-августундагы № 4216 квит).*

**Сунуштама**

Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын *Окуу борборунда* кызматтык иш сапар учурунда 30,6 миң сом суммасында негизсиз компенсациялык төлөмдөрдү жүргүзүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

***Финансы министрлигинин Борбордук аппаратынын*** кызматкерлерине иш сапар чыгымдары үчүн берилген отчеттук суммаларга тандалма аудит жүргүзүүдө, тиешелүү бөлүмдөрдүн кызматтык каттарынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 2-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун №2 тиркемесинде көрсөтүлгөн ченемдерге ылайык, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары 2024-жылы PEMPAL коомчулугу уюштурган жыйынга катышуу үчүн суткалык чыгымдарды төлөө жөнүндө Финансы министрлигинин буйругунун негизинде, 11 кызматкерге жалпы 373,9 миң сом суткалык төлөмдөр жүргүзүлүп, иш сапарга жөнөтүлгөн.

PEMPAL коомчулугу уюштурган жыйынга катышуу үчүн, Борбордук аппараттын кызматкерлерин кызматтык иш сапарга жөнөтүү жөнүндө буйругун чыгарууга негиз болгон борбордук аппараттын тиешелүү башкармалыктарынын башчыларынын кызматтык каттарында иш-чараны уюштуруучулары тарабынан жатакана, конференция пакеттери жана транспорттук чыгымдары гана белгиленип, тамак-аш менен камсыз кылуусу көрсөтүлгөн эмес. Ал эми, уюштуруучулардын (чакыруучу тараптын) чакыруу каттарында жогоруда аталган кызматкерлердин иш-чара чыгымдарын толугу менен каржылоо б.а.

уюштуруучулар тарабынан авиабилет, трансферт, аэропортко баруу-келүү, жол кире, жатакана, иш-чаранын бардык күндөрү үчүн тамак-ашы, ошондой эле кеткен күнү эртең мененки тамагы жана конференция пакети кирген.

**Корутунду**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде*** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-декабрындагы №541 "Республикалык бюджеттин чыгашаларын оптималдаштыруу, мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында бюджеттик каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын талаптары аткарылбастан, ошондой эле суткалык чыгымдар чакырган/уюштуруу тараптан каржылангандыгына карабастан, 2024-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин борбордук аппаратынын кызматкерлерине жалпы 217,1 миң сом акча каражаты кошумча төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин борбордук аппаратынын* кызматкерлерине суткалык чыгымдар үчүн негизсиз төлөнгөн 217,1 миң сом калыбына келтирилсин жана суткалык чыгымдарды ашыкча каржылоого жол берген Министрликтин тиешелүү кызматкерлеринин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсеп жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" жобонун 107-пунктуна ылайык, эгерде кызматкер Кыргыз Республикасынын аймагында кызматтык иш сапарга жөнөтүлсө, анда сөзсүз түрдө иш сапардык күбөлүк (Т-10 формасы) тариздeлиши шарт. Финансы министрлигине караштуу Баалуу металлдар департаментинин мамлекеттик көзөмөл секторунун адиси Орозбай уулу Канатбек 2024-жылдын 22-октябрынан тартып 1-ноябрына чейинки аралыкта Кыргыз Республикасынын аймагында иш сапарда болгон учурда, ага жалпы суммасы 35,7 миң сом өлчөмүндө акча каражаты төлөнүп берилген, бирок ошол иш сапар үчүн милдеттүү болгон иш сапардык күбөлүк (Т-10 формасы) тариздeлген эмес.

**Сунуштама:**

Финансы министрлигине караштуу Баалуу  металлдар департаментинде бардык ички иш сапарлар үчүн иш сапар күбөлүгүнүн (Т-10 формасы) милдеттүү түрдө тариздeлиши камсыздалсын. Бул тартип бардык кызматкерлерге түшүндүрүлүп, башкармалыктар жана бухгалтерия тарабынан катуу көзөмөлгө алынсын. Иш сапар күбөлүгү жок төлөнүп берилген 35,7 миң сомдун негиздүүлүгү кайра каралып чыгып, документтер толукталсын же негизсиз төлөнгөн сумма бюджетке кайра кайтарылсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансы министрлигинин Окуу борборунун*** буйрукта белгиленген мөөнөттөн тышкары кошумча түндөр үчүн (1 жана 2 түн) кызматкерлер Н.Д. Шаршеевге - 3,0 миң сом, Э.О. Карыповго - 3,0 миң сом жана И.Б. Убашовго -

1,5 миң сом, жалпы 7,5 миң сом суммасында иш сапар чыгымдары ашыкча төлөнгөн.

*Аудиттин жыйынтыгында 7,5 миң сом өлчөмүндөгү ашыкча төлөнгөн иш сапар чыгымдары толугу менен калыбына келтирилип, республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө которулду.*

**Сунуштама**

Финансы министрлигинин Окуу борборунда иш сапар чыгымдары боюнча ашыкча төлөөлөрдү алдын алуу максатында ички көзөмөл күчөтүлсүн.

## Негизги каражаттардын жана товардык – материалдык баалуулуктардын запастарынын сакталышы жана пайдаланылышы

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансы министрлигинде*** 6 (алты) кызматтык авто унаа катталган. Аудит учурунда, 2024-жылы чыгарылган “LiXiang L9” маркасындагы кызматтык автоунаасы жол кырсыгынан кийин техникалык оңдоодо Бишкек шаары, Анкара көчөсү, №38 дарегиндеги “АБМ” унаа оңдоочу жайда (СТО) болгон. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 993-беренесинин 1-пунктунда граждыниндин керт башына же мүлкүнө келтирилген зыяндын орду, ошондой эле юридикалык жакка келтирилген зыяндын орду ал зыянды келтирген жак тарабынан толук көлөмүндө толтурулууга тийиш экендиги белгиленген, ошондуктан, келтирилген зыян күнөөлүү кызмат адамдарынын эсебинен толук көлөмдө калыбына келтирүүгө жатат.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 993-беренесинин 1-пунктуна ылайык, 2024-жылы чыгарылган “LiXiang L9” үлгүсүндөгү кызматтык автоунаасынын жол кырсыгынан кийин техникалык оңдоого байланыштуу келтирилген зыян күнөөлүү кызмат адамдарынын эсебинен калыбына келтирилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Финансы министрлигинде 2019-жылы чыгарылган “Ford Mondeo” үлгүсүндөгү кызматтык автоунаасынын жол баракчасынын негизинде, 2024-жылдын 1-январына карата 8 087,1 чакырым, 2025-жылдын 1-сентябрына карата 120 604 чакырым жүргөн. Ал эми аудит учурунда, автоунаанын 108 046 чакырым гана жүргөндүгү аныкталган. Тактап айтканда, “Ford Mondeo” үлгүсүндөгү кызматтык автоунаасынын жол баракча отчетторуна 12 558 чакырым ашыкча көрсөтүлүп жазылып, жалпы 137,9 миң сомго 1 883,7 литр АИ-95 күйүүчү майы негизсиз чыгышталган (12558км:100л/км=125, 58х15л=1883, 7л.х73,2сом=137887 сом).

**Сунуштама**

“Ford Mondeo” үлгүсүндөгү кызматтык автоунаасына негизсиз чыгымдалган 137,9 миң сом күйүүчү майдын суммасы өндүрүлсүн, күйүүчү майды негизсиз чыгымдоого жол берген жана жол баракча отчетторун туура эмес жүргүзгөн тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Баалуу металлдар департаментинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн

2003-жылдын 11-декабрындагы №771 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу металлдар жана асыл таштар жөнүндө" жобонун 3.3-пунктунда мамлекеттик фонддун баалуу металлдарын жана асыл таштарын оперативдүү башкаруу жана бухгалтердик эсепке алуу Финансы министрлигине караштуу Баалуу металлдар департаменти тарабынан бекитилген эсепке алуу эрежелерине ылайык жүргүзүлүшү зарыл, деп белгиленген. Бирок, Баалуу металлдар департаменти тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн талаптар аткарылган эмес. Тактап айтканда, мамлекеттик фонддун баалуу металлдарын жана асыл таштарын эсепке алуу боюнча тиешелүү ички эрежелер иштелип чыгып, бекитилген эмес.

**Сунуштама**

*Баалуу металлдар департаментинде* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №771 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу металлдар жана асыл таштар фонду жөнүндө" жобонун 3.3-пунктуна ылайык, мамлекеттик фонддун баалуу металлдарын жана асыл таштарын эсепке алуу боюнча ички тартип, жоболорду жана эсепке алуу эрежелери ыкчам тартипте иштелип чыгып, тиешелүү тартипте бекитилсин, ички көзөмөл механизмдери күчөтүлсүн. Мамлекеттик фонддун баалуу металлдарын жана асыл таштарын эсепке алуу боюнча ички эрежелердин өз убагында иштелип чыкпагандыгы үчүн жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 11-декабрындагы №771 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу металлдар жана асыл таштар фонду жөнүндө" жобонун 4.3-пунктунун талаптарын бузуу менен, ***Баалуу металлдар департаменти*** тарабынан Финансы министрлигине Мамфонддун баалуулуктарынын отчеттук мезгил ичинде толукталышы жана республикалык бюджеттин пайдаланылышы боюнча тиешелүү отчеттор белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө берилбей келген. Бул талаптардын олуттуу түрдө бузулушу болуп эсептелет жана Финансы министрлигинин өз кезегинде Өкмөткө сунуштаган маалыматтарынын толук эместигине жана ишенимдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келген. Мындай аракетсиздик Мамфонддун баалуулуктары боюнча мамлекеттик деңгээлдеги чечимдерди кабыл алууда жаңылыш маалыматтардын колдонулушуна шарт түзүп, мамлекеттик башкаруу системасына терс таасирин тийгизүү тобокелдигин жаратат.

**Сунуштама**

*Баалуу металлдар департаментинде* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 11-декабрындагы №771 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу металлдар жана асыл таштар фонду жөнүндө" жобонун 4.3-пунктунда белгиленген талаптарын мындан ары кынтыксыз жана так аткаруу үчүн тийиштүү чаралар көрүлсүн, тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Баалуу металлдар департаментинде*** 2024-жылдын 27-декабрында

Финансы министрлигине караштуу Баалуу металлдар департаментинин Мамлекеттик баалуулуктарды сактоо бөлүмүнүн башчысы Э.Т. Исмаилова жана Пробирдик экспертиза бөлүмүнүн башчысы С. Ш. Черикбаева  Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун чечимине ылайык, сот аткаруучусу Базаланкул уулу Эржан тарабынан өткөрүлүп берилген 6 даана конфискацияланган аффинирленген алтын куймаларын кабыл алуу жана өткөрүп берүү актысын түзүшкөн. Акт боюнча жалпысынан 51857,3 грамм салмактагы (4 даана стандарттык жана 2 даана өлчөнгөн) алтын куймалар жаңы орнотулган, бирок стандартизациядан өтө элек таразада өлчөнүп, кабыл алынган. Аудиттин жүрүшүндө 2025-жылдын 1-сентябрында чыккан Департаменттин №32-п буйругунун негизинде, аталган алтын куймалардын салмагын так аныктоо максатында, алар стандартизациядан өткөн таразада кайрадан тартуу иштери жүргүзүлдү. Натыйжада, алардын жалпы салмагы 51 866,9 граммды түзгөн. Бул бухгалтердик эсептик салмак менен чыныгы салмактын ортосунда 9,60 грамм айырма бар экендигин көрсөттү. Тактап айтканда, бухгалтердик эсеп боюнча көрсөтүлгөн 51 857,3 граммга салыштырмалуу куймалардын иш жүзүндөгү салмагы 9,60 граммга (жалпы баасы 95,7 миң сом) ашыкча болуп чыкты.

**Сунуштама**

*Баалуу металлдар департаментинде* бухгалтердик эсепте баштапкы кабыл алуу актысы боюнча көрсөтүлгөн 51 857,3 грамм менен иш жүзүндөгү 51 866,9 граммдын ортосундагы 9,6 грамм ашыкча салмак атайын бухгалтердик түшүндүрмө менен негизделип (проводка) бухгалтердик балanska алынсын жана тиешелүү мамлекеттик органдарга расмий билдирүү жөнөтүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №302 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу ***Баалуу металлдар департаменти*** *жөнүндө”* жобого ылайык, Баалуу металлдар департаменти - мамлекеттик баалуу металлдар жана асыл таштар фондунун, ошондой эле мамлекеттик запастардагы баалуулуктардын сакталышын жана бухгалтердик эсебин камсыз кылууга толук жоопкерчиликтүү орган болуп саналат.

Аудиттин алкагында, Департаменттин 2025-жылдын 1-сентябрындагы №32-б буйругунун негизинде, Мамлекеттик фонддогу баалуу металлдарга жүргүзүлгөн тандалма инвентаризациянын жыйынтыгында, бухгалтердик эсепке киргизилбеген, бирок иш жүзүндө фонддун курамында жалпы баасы 2 872,3 миң сомдук 299,89 грамм алтын жана 277,4 миң сомдук 2457,86 грамм күмүш бар экендиги аныкталган. Бул факт - мамлекеттик мүлктү эсепке алуу, сактоо жана башкаруу жаатында олуттуу кемчиликтердин бар экендигин билдирет.

***Аудит субъектисинин түшүндүрмөсү***

2025-жылдын 1-сентябрындагы №32-б буйругуна ылайык түзүлгөн комиссия тарабынан Кыргыз Республикасынын Баалуу металлдардын жана баалуу таштардын мамлекеттик фонду боюнча тандалма инвентаризация жүргүзүлгөн учурда, 2025-жылдын 1-январынан тартып 1-сентябрына чейинки мезгилде Мамлекеттик бажы кызматы жана Улуттук коопсуздук мамлекеттик

комитети тарабынан конфискация жолу менен келип түшкөн баалуулуктардын болушу аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 11-декабрындагы №771 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Баалуу металлдардын жана баалуу таштардын мамлекеттик фонду жөнүндө” жобонун 3.6-пунктуна ылайык, конфискация жолу менен же башка негиздер менен өткөрүлгөн баалуу металлдардан, баалуу таштардан жана алардын сыныктарынан жасалган буюмдар Мамлекеттик фондго сатуу ишке ашырылганга чейин баасы аныкталбастан кабыл алынат. Ошондой эле, аталган Жобонун 4.1-пунктуна ылайык, Мамлекеттик фонддогу баалуулуктар эсептик маалыматтар менен алардын бар экендигин салыштыруу максатында инвентаризациядан өткөрүлүүгө тийиш, мындай инвентаризация жылына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Ушуга байланыштуу, Департамент жыл сайын декабрь айында инвентаризация жүргүзүп, 31-декабрга карата баалуулуктардын кайра баалоосун LBMAнын (London Bullion Market Association) расмий сайты https://www.lbma.org.uk/ жарыялаган 1 граммга эсептелген баа боюнча жүргүзөт.

Буларды, белгилеп кетүү зарыл, буга чейин Мамлекеттик фонддун баалуулуктары купуя деп эсептелип, бухгалтердик эсеп кызматкерлери купуялуулуктун жоктугуна байланыштуу сактоочу жайга киргизилген эмес. Баалуулуктар жөнүндө маалыматтар балანска кошуу үчүн кайра баалоонун жыйынтыгы жана баасы боюнча гана берилчү. Финансы министрлигине караштуу түзүмдүк бөлүмдөр үчүн атайын жашыруун жана купуя документтер менен иштөөгө уруксат берилген кызмат орундарын аныктаган жаңы номенклатурага кол коюлгандыгына байланыштуу, 2025-жылдын 1-июлунан тартып Департаменттин кызматкерлеринен тиешелүү купуялуулукка уруксаттар алынды.

Ошондуктан, учурда Мамлекеттик фонддун баалуулуктарын кабыл алуу, сактоо жана эсепке алуу боюнча ченемдик документтер тиешелүү тартипке келтирилип жатат. Азыркы тапта ББЭ (борборлоштурулган бухгалтердик эсеп) программасында фонддун баалуулуктары боюнча бөлүм иштелип чыгууда. Аны иштеп чыккандан кийин Мамлекеттик фонддун баалуулуктары аталган программага аталышы жана баасы менен киргизилет.

**Сунуштама**

***Баалуу металлдар департаментинде*** Баалуу металлдар жана асыл таштар фондун толук инвентаризациясын жүргүзүү жана бардык айырмачылыктарды бухгалтердик эсепке мыйзам чегинде көрсөтүү камсыздалсын. Баалуу металлдарга байланыштуу маалыматтардын так жана ырааттуу көрсөтүлүшүн камсыз кылуу үчүн автоматташтырылган эсепке алуу системасын иштеп чыгуу жана киргизүү боюнча иш чаралар күчөтүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борбору*** тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы № 638-р тескеменин 5-пунктунун талаптары сакталбастан, мамлекеттик мекемеге тиешелүү мүлктөр (негизги каражаттар) “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлкүнүн бирдиктүү реестри”

ведомстволор аралык автоматташтырылган маалыматтык системасына (ММБР ВАМС) киргизилген эмес.

**Сунуштама**

Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын *Окуу борборунда* “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы № 638-т тескемесинин талаптарына ылайык, мекеменин карамагындагы мүлктөр боюнча инвентаризация жүргүзүлүп, анын жыйынтыктары “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлкүнүн бирдиктүү реестри” ведомстволор аралык автоматташтырылган маалыматтык системасына (ММБР ВАМС) өз убагында жана толук көлөмдө киргизилишин камсыз кылуу боюнча тиешелүү иш-чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

**Финансы-кредиттик фонду** тарабынан Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 167-пунктунун 2-пункчасынын жана 170-пунктунун 2-пунктчасынын талаптары сакталбастан, атайын аппаратураларды жана жабдууларды баланстык эсептен чыгарууда “50 000 сомдон жогору - бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчүсүнүн уруксаты жок”, ошондой эле тиешелүү түзүмдөрдүн адистеринин, же көз карандысыз эксперттин негизги каражаттардын (атайын аппаратура же жабдуу боюнча) жараксыздыгы жөнүндө корутундусу жок туруп, 991,0 миң сомдук материалдык баалуулуктар ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн balансынан чыгарылган. Аудит учурунда 2025-жылдын 27-майында “Суупери Ком” ЖЧКсынын тийиштүү адистери тарабынан жогоруда аталган негизги каражаттардын абалына карооо жүргүзүлүп, натыйжада, адистерден жабдуулардын техникалык абалы жөнүндө корутундулар алынды.

**Сунуштама**

Балансга турган негизги каражаттарды баланстык эсептен чыгарууда, Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун” 167 жана 170-пункттарынын талаптарын сактабаган “Мамлекеттик финансылык холдинг” ачык акционердик коомунун тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

## Дебитордук жана кредитордук карыздар

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансы министрлигинде*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамасына ылайык, дебитордук жана кредитордук карыздар ортосундагы айырма катары

аныкталат. Демек, жыл аягына баланстык отчетто дебитордук карыздын өлчөмү 56 163,1 миң сомду, ал эми жыл аягына кредитордук карыздын өлчөмү 5 977,4 миң сомду түзгөн. Натыйжада, жыл аягына карата (56 163,1-5 977,4 =50 185,7) 50 185,7 миң сом ашыкча дебитордук карыз пайда болгон.

**Сунуштама:**

Жыл аягында 50 185,7 миң сом ашыкча дебитордук карыздын пайда болушуна жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансы министрлиги*** менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кыргызстройсервис" МИнин ортосунда 2024-жылдын 4-октябрында № 81 62 209,1 миң сом суммасында курулуш иштери боюнча эки тараптуу келишим түзүлгөн. Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө" жобонун 312-пунктунун 1-пунктчасында жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө авансалык төлөмдөрдүн өлчөмү контракттын (келишимдин) суммасынын 20% га чейин белгиленгендигине карабастан, 2024-жылдын 17-октябрында келишимдин суммасынын 50% ы (31 104,6 миң сом) же 18 662,8 миң сом суммасында ашыкча авансалык төлөм жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Финансы министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кыргызстройсервис" МИнин ортосунда түзүлгөн 2024-жылдын 4-октябрындагы №81 курулуш иштери боюнча эки тараптуу келишим боюнча ашыкча авансалык төлөмдөргө жол берген Финансы министрлигинин тиешелүү кызматкерлеринин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борборунда*** Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун (2-бөлүмдүн 1-параграфы 6-пункту, 8-бөлүмдүн 3-параграфы) талаптары так сакталбастан, берүүчүлөр менен дебитордук жана кредитордук карыздарынын калдыктары жана кыймылы боюнча отчеттук мезгилге салыштыруу актылары түзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

*Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борборунда* Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү жөнүндө" жобонун талаптарына ылайык, берүүчүлөр (поставщиктер) менен дебитордук жана кредитордук карыздарынын калдыктары жана кыймылы боюнча отчеттук мезгилге салыштыруу актыларынын түзүлүшү камсыз кылынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамлекеттик бажы кызматынын Адистештирилген окутуу бажысында*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди

финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускамага ылайык, товардык-материалдык запастарынын ченемдери сакталбастан, 2024-жылдын 31-декабрына карата бюджеттик эсеп боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастары 1 418,6 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына*** Мамлекеттик бажы кызматынын Адистештирилген окутуу бажысында товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарынын пайда болушуна жол берилбесин.

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине***

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускамага ылайык, 2026-жылы Мамлекеттик бажы кызматынын Адистештирилген окутуу бажысын каржылоодо, 2024-жылдын аягына карата 1 418,6 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастары, аларды 2025-жылы өздөштүрүлүшүн эске алуу менен, эсепке алынсын.

## Мамлекеттик сатып алуулар

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансы министрлигинде*** 2024-жыл ичинде товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда жалпы 66 537,2 миң сомго 44 конкурс өткөрүлүп, төмөндөгү кемчиликтер аныкталган:

1) "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 48-беренесинин 1-бөлүгүнүн негизинде, "Контрактты алып баруу, башкаруу сатып алуучу уюм/Агент тарабынан ушул Мыйзамда жана мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларда белгиленген талаптарга ылайык жүзөгө ашырылат" деп белгиленгендигине карабастан, 2024-жыл ичинде товар, жумуш жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда Контрактык башкаруу иштери жүргүзүлгөн эмес.

2) "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, сатып алуулар жөнүндө контрактты башкаруу үчүн бөлүмү/адамы түзүлгөн эмес жана жооптуу адам дайындалган эмес.

**Сунуштама**

2024-жыл ичинде товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 48-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 9-беренесинин 6-бөлүгүнүн талаптарынын сакталышын камсыз кылбаган кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансы министрлигинде*** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесинин 1-бөлүгүнүн негизинде берүүчүдөн контракты аткарууну кепилдик камсыздоо контрактын суммасынан 2,3% өлчөмдө жалпы суммасы 79,5 миң сом суммасында КАКК (ГОИК) суралган, бирок, 8 конкурс боюнча Контрактты аткаруу кепилдик камсыздоосу белгиленген өлчөмдө алынбастан келишим түзүлгөн.

**Сунуштама**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптары сакталбастан, 8 конкурс боюнча Контрактты аткаруу кепилдик камсыздоосу белгиленген өлчөмдө алынбастан келишим түзүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 16-январындагы №8-т тескемеси менен борборлоштурулуп сатып алынуучу товарлардын тизмеги бекитилген. ***Финансы министрлигинде*** аталган тескеменин талаптары сакталбастан, 2024-жылы 774,0 миң сомго А4 кеңсе кагаздары, 12 640,4 миң сомго эмеректер, 1 091,0 миң сомго компьютерлер, жалпы суммасы 14 505,4 миң сомго Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин алдындагы “Сатып алуулар борбору” мамлекеттик мекемеси тарабынан сатып алуулар жүргүзүлбөстөн, өз алдынча жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 16-январындагы №8-т тескемесинин талаптары сакталбастан, жалпы 14 505,4 миң сомго Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин алдындагы “Сатып алуулар борбору” мамлекеттик мекемеси тарабынан сатып алуулар жүргүзүлбөстөн, өз алдынча сатып алууларга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы № 489 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибинин 56-пунктунун 3-абзацындагы “Бир булактан методун колдонууда жетекчи негиздемесин көрсөтүү менен методду колдонуу жөнүндө буйрук чыгарат” деген талабын бузуу менен, бир булактан сатып алуу методу аркылуу **Финансы министрлигинде** товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга 3 879,6 миң сомго 12 келишим, **Адистештирилген окутуу бажысында** 26 658,9 миң сомго 43 келишим түзүлгөн.

**Сунуштама**

***Финансы министрлигине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына*** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү” тартибинин талаптары сакталбагандыгы үчүн, Финансы

министрлигинин, Адистештирилген окутуу бажысынын кызматкерлеринин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансы министрлигинин*** 2024-жылдын 13–февралындагы №2/1-Б буйругунун жана ошол эле жылдын “Кыргызсериал” департаменти менен эки тараптуу түзүлгөн 14-февралындагы №10 келишимдин негизинде, Финансы министрлигинин 100 жылдыгына карата кыска метраждуу кинофильм тартууга 2 900,0 миң сомго келишим түзүлүп, 2024-жылдын 15-февралында 290,0 миң сом, 7-мартында 655,0 миң сом, 30-июлунда 1 905,5 миң сом, жалпы суммасы 2 850,5 миң сом атайын эсептен которулуп берилген. Бүгүнкү күндө келишим боюнча бардык милдеттенмелер аткарылган. Бирок, жогоруда аталган 2024-жылдын 13–февралындагы №2/1-Б буйругу ички каттоо журналына катталып, ЭДСга (СЭД) катталган эмес.

**Сунуштама**

Финансы министрлигинин 2024-жылдын 13-февралындагы №2/1-Б буйругун ЭДСга (СЭД) каттоону камсыздабаган тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:**

***Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматында*** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы № 522 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контрактты банктык коштоону камсыз кылуу тартибинде (2-главанын 3-пунктунда жана 3-главанын 11-пунктунда) белгиленген талаптарды сактабастан, 2024-жыл ичинде 3111 “Имараттар жана курулмалар” беренеси боюнча административдик имаратты оңдоо иштерине контракт банктык коштоосуз түзүлүп, жалпы 1 150,0 миң сомго каржылоо жүргүзүлгөн. Мындан тышкары, бул сатып алууда “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин талаптары сакталган эмес.

***Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматында*** жана ***анын Окуу борборунда*** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 48-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 16-январындагы №8-т тескемесинин талаптары сакталбастан, тиешелүү түрдө 721,7 миң сомдук жана 311,6 миң сомдук товарларды сатып алуу жол-жоболору жүргүзүлгөн, башкача айтканда, товарларды сатып алуу жол-жоболору Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик сатып алуулар департаментине караштуу “Сатып алуу борбору” мамлекеттик мекемеси тарабынан жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматында жана анын Окуу борборунда “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 48-пунктунун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 16-январындагы № 8-т тескемесинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы № 522 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контрактты банктык коштоону камсыз кылуу” тартибинин

талаптарын сактабагандыгы үчүн кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борбору*** тарабынан 2024-жыл ичинде Финансы министрлигинин 2023-жылдын 23-сентябрындагы №5-Б буйругу менен бекитилген Бюджеттик классификациясынын талаптары сакталбастан, 2215 "Башка тейлөө кызматтарын алуу" беренесине туура келбеген товарларды сатып алууга жалпы суммасы 578,8 миң сом болгон он (10) келишим түзүлүп, каржылоо жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 23-сентябрындагы №5-Б буйругу менен бекитилген Бюджеттик классификациянын талаптарына ылайык келбеген беренелер аркылуу акча каражаттарын туура эмес пайдаланууга жол берген *Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борборунун* кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борбору*** тарабынан "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 47 жана 51-беренелеринин талаптары сакталбай, 2-лот боюнча сатып алынган акылдуу сааттар, берүүчү тарабынан берилген табыштамада көрсөтүлбөгөндүгүнө карабастан, жеке ишкер Атабекова Айжан Кочорбаевна менен 20,8 миң сомго товар (акылдуу сааттар) сатып алууга түзүлгөн №УЦГЗ-24-28 келишимине өзгөртүү киргизилип, каржылоо жүргүзүлгөн.

*Аудиттин материалдары жалпыланып жаткан учурда ордуна коюлду (№5146 28.28.2025-ж. квит.).*

**Сунуштама**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 47 жана 51-беренелеринин талаптарын бузууга жол берген Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борборунун кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансы-кредиттик фонду*** тарабынан "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 5-бөлүгүнүн 3-пунктунун талабы сакталбастан, "Инжиниринг-Групп" ЖЧКсынын салыктык төлөмдөр боюнча карыздын жоктугу жөнүндө маалыматында карыз деп турганына карабастан, ошондой эле берүүчүдө салык төгүмдөрү боюнча 10 эсептик көрсөткүчкө барабар же андан жогору карызы боюнча маалымат такталбай туруп, жеңүүчү деп таанылган.

**Сунуштама**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 5-бөлүгүнүн 3- пунктунун талабын сактабаган "Мамлекеттик финансылык холдинг" ачык акционердик коомунун тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

## Капиталдык жана учурдагы оңдоо иштери

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамлекеттик салык кызматы*** менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу “Кыргызстройсервис” мамлекеттик ишканасынын ортосунда Бишкек шаарын, Ч. Айтматов проспектиси, 104а дареги боюнча административдик имаратты куруу боюнча 1 712,0 млн сомго 2024-жылдын 2-августунда №66 келишим түзүлгөн. Келишимдин 6.1-пунктундагы аткаруу мөөнөтү 1 жыл деген шарты аткарылбагандыгы, аудит учурунда курулуш иштери бүтө электиги аныкталган. Келишимдин 9.3-пунктуна ылайык, милдеттенмелер аткарылган эмес, же талаптагыдай эмес аткарылган учурда, подрядчы ар бир кечиктирилген күн үчүн 0,01% өлчөмүндө, бирок келишимдин баасынын 2%дан ашпаган өлчөмүндө жумушту өз убагында аткарбагандыгы үчүн айып пул төлөйт деп белгиленген. Ошентип, 2025-жылдын 19-сентябрына карата контракттын 9.3-пунктуна ылайык, аткаруу мөөнөтү 48 күнгө кечиктирилгендигине байланыштуу айыптын суммасы 8 217,6 миң сомду түзгөн (1 712,0 млн сом*0,01%*48 күн).

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматына:***

Мамлекеттик салык кызматы менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу “Кыргызстройсервис” мамлекеттик ишканасынын ортосунда Бишкек шаарынын, Ч. Айтматов проспектиси, 104а дареги боюнча административдик имаратты куруу боюнча 2024-жылдын 2-августундагы №66 келишимдин 9.3-пунктунун талаптарын аткаруу боюнча иш жүргүзүлсүн.

## Электр энергиясын керектөө лимиттеринин сакталышы

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин жана Финансы министрлигинин 2023-жылдын 14-ноябрындагы (№01-13/231, №138-Б) “2023-2024-жылдарга карата бюджеттик уюмдардын жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын лимиттерин бекитүү жөнүндө” биргелешкен буйругунда ***Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматына*** жылына 115,0 миң кВт саат электр энергиясы бекитилген. Жыл ичинде электр энергиясынын иш жүзүндө сарптоолору 121,5 миң кВт саатты түзүп, натыйжада, бекитилген лимитке салыштырмалуу 6,5 миң кВт саатка же 24,5 миң сомго ашык сарпталган.

**Сунуштама**

Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматында Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин жана Финансы министрлигинин 2023-жылдын 14-ноябрындагы (№01-13/231, №138-Б) “2023-2024-жылдарга карата бюджеттик уюмдардын жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын лимиттерин бекитүү жөнүндө” биргелешкен буйругу менен бекитилген электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын лимиттеринен ашыкча чыгымдалышынын себеби

аныкталып, талдоо жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Мамлекеттик бажы кызматынын Адистештирилген окутуу бажысынын маалыматы боюнча электр энергиясын керектөөнүн бекитилген жалпы лимити 3 254,6 миң кВт саатты, иш жүзүндөгү чыгымы 3 798,4 миң кВт саатты түзгөн. Бирок, ***Борбордук аппаратта*** электр энергиясын керектөө ченемдери 11,5 миң кВт саат, ***"Нарын" бажысында*** - 106,1 миң кВт саат, ***"Ош" бажысында*** - 118,2 миң кВт саат, ***"Баткен" бажысында*** - 177,2 миң кВт саат, ***"Жалал-Абад" бажысында*** - 130,8 миң кВт саат өлчөмүндө ашыкча чыгымдалган. Ашыкча чыгымдоо жаңы бажы постторун ишке киргизүү, мамлекеттер аралык билдирүү аркылуу мурда жабылган посттордун ачылышы, бажы көзөмөлүнүн жаңы атайын каражаттарын сатып алуу ж.б. менен шартталган. Натыйжада, жалпы электр энергиясынын лимитинен ашып кетүү 543,8 миң кВт саат, нарктык ченде 2 314,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына***

Мамлекеттик бажы кызматынын Борбордук аппаратында, "Нарын", "Ош", "Баткен" жана "Жалал-Абад" бажыларында электр энергиясы үчүн чыгымдары Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин жана Финансы министрлигинин 2023-жылдын 14-ноябрындагы (№01-13/231, №138-Б) "2023-2024-жылдарга карата бюджеттик уюмдардын жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын лимиттерин бекитүү жөнүндө" биргелешкен буйругу менен бекитилген лимиттин негизинде жүргүзүлсүн.

## Бухгалтердик эсепти жүргүзүү

**Аныкталды/Корутунду**

***Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борборунда*** бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө төмөндөгү кемчиликтер аныкталган:

- бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук 2024-жылдын октябрь айына чейин "1С Бухгалтерия" программасы аркылуу толук кандуу жүргүзүлбөстөн, "Microsoft Excel" программасы аркылуу жүргүзүлгөн;
- 2024-жыл үчүн түзүлгөн жылдык бухгалтердик баланс жана башка формалар ортосунда шайкеш келбестиктер аныкталган. Тактап айтканда, №2 жана №4 формаларындагы иш жүзүндөгү чыгымдар менен баланстын тиркемелеринде көрсөтүлгөн маалыматтар жана түшүндүрмө катка 7-тиркеме өз ара дал келбейт. Бул маалыматтар ортосундагы дал келбестиктер (байланыштын жоктугу) отчеттордун так эместигин көрсөтөт;
- мекеменин коммерциялык банктагы (чарбалык эсептен республикалык бюджетке каржыланууга өткөнгө чейинки мезгилде колдонулган эсеп) эсебиндеги акча каражаттарынын кыймылы 2024-жылга бухгалтердик отчетто (баланста) көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борборунун

2024-жылга бухгалтердик балансы жана бухгалтердик эсепти уюштуруу Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Чарбалык эсептеги ишканалар жана коомдор**

***Ишмердүүлүктү талдоо***

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-августундагы № 490-т тескемесинин негизинде, ***"Ляззат" жоопкерчилиги чектелген коомунун*** катышуучусу өзгөргөндүгүнө байланыштуу, "Чарбалык шериктиктер жана коомдор жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 42-беренесинин негизинде Коомдун Уставынын 1-главасынын 1.12-пунктуна катышуучулар жөнүндө өзгөртүүлөр киргизилүүсү зарыл.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына*** **"Ляззат" жоопкерчилиги чектелген коомунун** Уставы Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 129-беренесине ылайык кайрадан каралып, Коомдун жалгыз катышычуусу тарабынан өзгөртүүлөр киригизилип, бекитилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамлекеттик бажы кызматынын "Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасында*** (*"Мамлекеттик бажы инфраструктурасы" ачык акционердик коому*) 2024-2026-жылдарга мамлекеттик ишкананын өнүктүрүүнүн стратегиялык планында бекитилген 14 максатты жана 8 милдеттин ишке ашыруу мөөнөтү 2024-жылга белгиленген, анын ичинен, 6 максат жана милдеттери иш жүзүндө аткарылса, 2 максат аткарылган эмес, алар: мурдагы "Кызыл-Кыя" аэропортунун аймагынан 21,83 га жер тилкесин өздөштүрүү; "Декларант" автоматташтырылган жумуш орду үчүн программалык камсыздоону иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына*** "Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасында (*"Мамлекеттик бажы инфраструктурасы" ачык акционердик коому*) "2024-2026-жылдарга мамлекеттик ишкананын өнүктүрүүнүн стратегиялык планында" каралган максаттар жана милдеттер аткарылсын.

**Аныкталды/Корутунду**

**"Инфосистемс" МИнин** 2022-жылдын 30-сентябрындагы №9-пр буйругунун тактама-негиздемесинин 6-пунктуна ылайык, тарифтердин (баалардын) эсеби төмөндөгүдөй тартипте аныкталат. Бир саатка орточо төлөмдүн эсеби:

$$\text{С}=\frac{\text{Опл+Над+(Опл+Над)*СФ)+Над+Ар+Усл+Расх}}{\text{кызматкерлердин саны}}$$

**С**-жумуштардын жана кызматтардын орточо наркынын эсептик

көрсөткүчү;

**Опл**-штаттык персоналдын эмгек акы фондунун өлчөмү;

**Над**-негизги маянага кошумча акылардын өлчөмү;

**СФ**-Социалдык фондго камсыздоо төгүмдөрүнүн тарифи;

**Нал**-салыктык төлөмдөр боюнча чыгымдар;

**Ар**-имараттарды, бөлмөлөрдү ижаралоо чыгымдары;

**Усл**-ишкана сатып алган кызматтарды төлөө чыгымдары;

**Расх**-башка кошумча чыгымдар (накладные расходы).

Көрүнүп тургандай, жумуштардын жана кызматтардын орточо наркынын эсептик көрсөткүчү жалпы чыгымдардын суммасын кызматкерлердин жалпы санына бөлүү менен аныкталышы шарт жана эсептик көрсөткүч чыгымдарды толугу менен камтыйт. Иш жүзүндө жумуштардын, кызматтардын наркы жогорудагы тарифтен айырмаланып, башка тартипте жумуштардын, кызматтардын наркын аныктоо долбоорго тартылган кызматкерлердин эмгек акы фондуна башка кошумча чыгымдарды (накладные расходы) кошуп эсептөө менен аныкталат. Финансы министрлигине караштуу Сатып алуулар департаменти жолдонгон аткарылган жумуштардын актылары муну менен да чектелбестен аталган эки тартиптен дагы өзгөчөлөнүп үчүнчү башка тартипте (1 адам/сааттын баасы – белгилүү бир жумуштар үчүн эл аралык практикадан же интернет булактарынан алынган) ишке ашырылган.

**Сунуштама**

*“Инфосистемс” мамлекеттик ишканасында* тарифтерди аныктоо, колдонуу бир тартипке келтирилсин. Маалыматтык түзүмдөрдү иштеп чыгуу боюнча жумуштардын наркын баалоонун методикасы колдонууга берилгенге чейин, ченемдик укуктук актылардын талаптарына каршы келбеген жумуштардын наркын баалоонун ички тартибин иштеп чыгуу, бекитүү жана колдонуу камсыз кылынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Аудитке маалым болгондой, 2025-жылдын 6-февралында жана 14-майында Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясында болуп өткөн жыйындарда кызыкдар болгон министрликтерге жана ведомстволорго маалыматтык түзүмдөрдү иштеп чыгуу боюнча жумуштардын наркын баалоонун методикасынын сунушталган долбоорун карап чыгуу, тийиштүү сунуш жана пикирлерди жолдоо, 2025-жылдын 15-майына чейин маалыматтык түзүмдөрдү иштеп чыгууда колдонулган формулалар жана усулдар жөнүндө маалымат берүү тапшырылган. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине министрликтер жана ведомстволор менен биргеликте 2025-жылдын 27-февралына аталган долбоорду иштеп чыгып, белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечиминин долбоорун киргизүү тапшырылган. **“Инфосистемс” МИ** тарабынан Финансы министрлигине 2025-жылдын12-февралында сунуштар жана пикирлер жөнөтүлгөн. 2025-жылдын 14-майында Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясында аталган маселе боюнча кайрадан жыйын өткөрүлүп, министрликтерге жана

ведомстволорго 2025-жылдын 15-майына чейин маалыматтык түзүмдөрдү иштеп чыгууда колдонулган формулалар жана усулдар жөнүндө маалымат берүүнү, ал эми КР Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине алынган маалыматтар жана талдоонун жыйынтыгы менен 2025-жылдын 19-майына чейин макулдашылган бирдиктүү эсептөө усулун Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кароосуна киргизүү тапшырылган. Бирок, бүгүнкү күнгө чейин маалыматтык түзүмдөрдү иштеп чыгуу боюнча жумуштардын наркын баалоонун методикасы иштелип чыккан эмес. Бул жагдай өз учурунда, “Инфосистемс” МИ менен буюртмачылардын ортосунда жумуштардын наркын тактоого тоскоолдук кылып, негизсиз чыгымдар камтылганда бюджеттик каражаттардын ашыкча чыгымдалышына алып келсе, тескерисинче, иш жүзүндө орун алган чыгымдар камтылбаганда ишкананын финансылык абалына терс таасирин тийгизет.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине***

Маалыматтык түзүмдөрдү иштеп чыгуу боюнча жумуштардын наркын баалоонун методикасын тез арада колдонууга берүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 19-октябрындагы №224 токтому менен бекитилген, ***“Инфосистемс” МИнин*** Уставынын 61-пунктундагы жылдык финансы-чарбалык ишинин жыйынтыгы боюнча алынган таза пайданын бир бөлүгүн стратегиялык өнүктүрүү планын ишке ашырууга, чарбалык-материалдык инфраструктурасын өнүктүрүүгө жана кеңейтүүгө, анын ичинде имараттарды, жайларды курууга жана капиталдык оңдоого, сервердик аппараттык-программалык комплекстерди, заманбап программалык камсыздоону сатып алууга жумшайт деген талабы сакталбай, аудит мезгил аралыгында алынган киреше дээрлик толугу менен кызматкерлерди сыйлоого жана ишкананын чыгымдарын жабууга сарпталган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 19-октябрындагы № 224 токтому менен бекитилген, “Инфосистемс” МИнин Уставынын 61-пунктунун талаптарын сактабаган *“Инфосистемс” мамлекеттик ишканасынын* жоoптуу кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***“Инфосистемс” МИнин*** 2022-жылдын 30-сентябрындагы тарифтерди бекитүү жөнүндөгү №9-пр буйругунун тактама-негиздемесинин 6-пунктунун ченеми сакталбастан, Эмгек акы фондуна кирбеген “Инфосистемс” МИнин 2024-жылдын 16-октябрындагы №43-лс буйругу менен айыл чарба өнүмдөрүн жана отун сатып алуу үчүн берилген суммасы 1 920,0 миң сомду түзгөн бир жолку материалдык жардам ишкана тарабынан аткарылган жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын түзүүчү чыгымдардын курамына негизсиз кошулган. Ошондой эле, 2024-жылдын 17-январындагы №4лс буйругу менен бизнес-аналитик М.К. Матраимовго 5,0 миң сом өлчөмүндө материалдык жардам көрсөтүлүп, бул суммага жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын түзүүчү

чыгымдардын курамына негизсиз кошулуп, натыйжада, “Инфосистемс” МИнин 2024-жыл үчүн пайдасы 1 925,0 миң сомго аз көрсөтүлгөн. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” токтомунун 5-4-пунктуна ылайык, 2022-жылдан тартып 2025-жылды кошо алган мезгил үчүн ишинин жыйынтыгы боюнча бюджетке таза пайдасынын 50 пайызын төлөөдөн бошотулгандыгына байланыштуу гана 962,5 миң сом республикалык бюджеттин жоготуулары орун алган эмес.

**Сунуштама**

*“Инфосистемс” мамлекеттик ишканасында* жумуштардын, кызматтардын наркын түзүүчү чыгымдарды аныктоодо, “Инфосистемс” МИнин 2022-жылдын 30-сентябрындагы тарифтерди бекитүү жөнүндөгү №9-пр буйругунун жана башка ченемдик укуктук актылардын ченемдеринин сакталышы камсыз кылынсын.

***Эмгек акы, штаттык бирдиктер***

**Аныкталды/Корутунду**

***“Инфосистемс” МИнин*** кызматкерлерине эмгек акысына кошумча дем берүүчү төлөмдөр ишкананын кызматкерлеринин жалпы чогулушунда 2024-жылдын 10-январында кабыл алынган Жамааттык келишимдин жана “Инфосистемс” МИнин 2021-жылдын 16-ноябрындагы №3-пр буйругу менен бекитилген, “Кызматкерлердин эмгек акысын төлөө жана сыйлоо боюнча” жобонун негизинде ишке ашырылат. Аталган жобонун 2.3-бөлүгүнүн 18-пунктуна ылайык, учурдагы жана бир жолку сый акылар төлөнөт. Учурдагы сый акы айдын, кварталдын жана жылдын жыйынтыгы менен кызматкердин сапаттуу жана ыкчам иши, ишкананын милдеттерин ишке ашыруудагы так жеке салымы жана жигердүү катышуусу үчүн берилет. Жобонун 6-пунктуна ылайык, кызматкерлерди сыйлоо жетекчилик тараптан ар бир кызматкердин ишинин жыйынтыгы боюнча жеке баалонун негизинде ишке ашырылышы шарт. Бирок, жеке баалоонун критерийлери аныкталбастан, тиешелүү бөлүмдөрдүн башчыларынын бөлүмдүн жалпы ишмердүүлүгүн баяндаган кызматтык каттарынын негизинде эле сыйлоо жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

*“Инфосистемс” мамлекеттик ишканасында* сый акыларды берүү боюнча так критерийлерди аныктоо, кызматкерлерди сыйлоо жеке баалоонун негизинде жүргүзүлүшү камсыз кылынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Инфосистемс МИнин*** 2021-жылдын 1-декабрындагы №4-пр буйругу менен ишкананын кызмат орундарына квалификациялык талаптар бекитилген. Аудит мезгил аралыгында билим деңгээли квалификациялык талаптарга жооп бербеген талапкерлерди жумушка кабыл алуулар орун алган. Мисалы, кенже бизнес-аналитик кызмат ордуна жогорку билим талап кылынат деген ченем сакталбастан, жогорку окуу жайын (КГУСТА) аяктай элек Н.А. Белеков, программист кызмат ордуна Кыргыз - Россия билим берүү академиясында окуп жаткан толук жогорку билими жок Н.М. Торобаев жумушка алынган. Белгилей кетүүчү жагдай, аудит жүргүзүлгөн учурга карата аталган эки кызматкер

тарабынан жогорку билимин тастыктаган дипломдору кадр кызматына тапшырылган. 2025-жылдын 12-майындагы №1-пр буйругу менен талапкерлердин билим деңгээлине коюлган талаптарга өзгөртүү киргизилип, анда билим деңгээлине болгон талаптар толук эмес жогорку билим талап кылынат деп өзгөртүлгөн.

**Сунуштама**

*"Инфосистемс" мамлекеттик ишканасында* талапкерлерди жумушка кабыл алууда квалификациялык талаптарды так сактоо камсыз кылынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Долбоорлорго тартылган кызматкерлердин жумуш убактысы бир эле учурда 3-4 багыт боюнча аткарылган жумуштардын актыларына кайталанган учурлар бар. Мисалы, бул багытта изилденген ***"Инфосистемс" МИ*** тарабынан аткарылган жумуштардын актыларында, кенже бизнес аналитиги Р.О. Джортушевдин Мамлекеттик сатып алуулар департаментинде 1 долбоор, Финансы министрлигинде 1 долбоор, Екаталог/Етандоо жана okmot.kg долбоорлорунда, А.Р. Үсөновдун Мамлекеттик сатып алуулар департаментинде 1 долбоор, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда 1 долбоор, Финансы министрлигинде 1 долбоор, төлөм шлюздары жана okmot.kg долбоорлорунда жумуш убактылары кызмат көрсөтүлгөн буюртмачылардын санына карата пропорционалдуу бөлүнүп эсептелбестен, бардык учурда тең ар бирине толугу менен (8 сааттан) көрсөтүлүп, эмгек акы чыгымдарын негизсиз жогорулатуу орун алган. Ушундай эле, техникалык колдоо көрсөткөн кызматкерлердин жумуш убактысы да кызмат көрсөтүлгөн буюртмачылардын санына карата пропорционалдуу эсептелбестен, бардык учурда тең ар бирине толугу менен (8 сааттан) көрсөтүлгөн.

**Сунуштама**

*"Инфосистемс" мамлекеттик ишканасында* долбоорлорго тартылган жана техникалык/маалыматтык колдоо көрсөткөн кызматкерлердин жумуш убактысын иш жүзүндө аткарган жумушун эске алуу менен кызмат көрсөтүлгөн буюртмачылардын санына карата пропорционалдуу бөлүп эсептөө камсыз кылынсын.

***Негизги каражаттардын жана товардык - материалдык баалуулуктардын запастарынын сакталышы жана пайдаланылышы***

**Аныкталды/Корутунду:**

"Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасынын (*"Мамлекеттик бажы инфраструктурасы" ачык акционердик коому*) 2024-жылдын 10-сентябрындагы № 35-10\321 жана Мамлекеттик бажы кызматынын 2024-жылдын 13-сентябрындагы № 246 буйруктарынын негизинде, ***"Ляззат жоопкерчилиги чектелген коомунун*** негизги каражаттарын жана мүлкүн инвентаризациялоо боюнча өзүнүн кызматкерлеринен коммисия түзүлгөн. Түзүлгөн коммисия бухгалтердик отчеттордо корсөтүлгөн негизги каражаттардын тизмеси менен инвентаризация боюнча талдап чыгып, негизги каражаттар боюнча инвентаризациялык тизме түзүлгөн. Аудиттин жүрүшүндө 2007-жылдын 3-апрелиндеги мүлктү өткөрүп берүү келишими боюнча берилген негизги каражаттардын айрым тастыктоочу документтери, күбөлүктөрү

аудитордук талдоодо идентификациялык номерлери дал келбегендиги аныкталган, мисалы:

- Яхт-клуб (жалпы аянты 0,2457 га, убактылуу колдонууга күбөлүк 0021717, идентификациялык коду 2-03-03-1006-0360), иш жүзүндө убактылуу колдонууга күбөлүгү жок;

- Эс алуу багы-пляж (аянты эс алуу комплекси менен жалпы аянты 8,591 га, убактылуу колдонууга күбөлүк 0021731, идентификациялык коду 2-03-03-1006-0362), иш жүзүндө идентификациялык коду 2-03-03-1006-2153, ал эми жалпы аянты 7,97 га.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына***

"Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, *"Ляззат жоопкерчилиги чектелген коомуна* караштуу болгон кыймылсыз мүлктөрдүн тастыктоочу күбөлүктөрүн толуктоо боюнча иш - чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамлекеттик бажы кызматынын "Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасында*** (*"Мамлекеттик бажы инфраструктурасы" ачык акционердик коому*) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы № 468 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик ишканалар жөнүндөгү" жобонун 14-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун 2017-жылдын 24-февралындагы №1 буйругунун 1-тиркемесинин 1.7-пунктунун негизинде, "Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасынын жыл сайын 31-январынан кечиктирилбестен инвентарзациялоо иштерин жүргүзүлүүсү белгиленгендигине карабастан:

1) 2024-жылдын 11-июлунудагы №137 буйругу менен Түштүк жана Чыгыш филиалдарынын негизги каражаттарын инвентаризациалоо мөөнөтүн сактабастан, кечиктирилип жүргүзүлгөн;

2) Негизги каражаттардын негизги бөлүгүн түзгөн ишкананын мүлкүн инвентаризациялоо жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына:***

*Мамлекеттик бажы кызматынын "Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасында* (*"Мамлекеттик бажы инфраструктурасы" ачык акционердик коому*) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы № 468 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик ишканалар жөнүндөгү" жобонун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун 2017-жылдын 24-февралындагы №1 буйругунун 1-тиркемесинин талаптары так сакталсын.

***Капиталдык жана учурдагы оңдоо иштери***

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамлекеттик бажы кызматынын "Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасында*** (*"Мамлекеттик бажы инфраструктурасы" ачык акционердик коому*) бухгалтердик эсептин баштапкы маалыматтары боюнча 2024-жылга курулуш-куроо иштерине чыгашалар 26 646,7 миң сомду, анын ичинен жол-курулуш иштери – 15 417,3 миң сомду, жалпы курулуш иштери – 5 179,2 миң сомду, куроо иштери - 2 740,2 миң сомду, оңдоо иштери - 1 563,0 миң сомду, учурдагы оңдоо иштери - 230,0 миң сомду түзгөн. ФОЭСтин (МСФО) стандарттарына ылайык, бул иштер капиталдык оңдоо болуп эсептелет жана негизги каражаттардын наркынын өсүшүнө, же болбосо "Бүтпөгөн курулуш" беренесине коюлушу зарыл.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына***

Финансылык отчеттулуктун эл аралык стандарттарына (МСФО) ылайык курулуш-куроо иштерине чыгымдалган 24 900,3 миң сомго финансылык отчеттун тиешелүү сабына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамлекеттик бажы кызматынын "Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасында*** (*"Мамлекеттик бажы инфраструктурасы" ачык акционердик коому*) аткарылган курулуш жана оңдоо иштери боюнча түзүлгөн КС-2 формасын изилдөө жана контролдук өлчөөлөрдү жүргүзүү учурунда аткарылган курулуш иштеринин көлөмү жалпы 9 353,0 миң сомго жогорулатуу аныкталган *(курулуш жана оңдоо объектилери №1 тиркемеде көрсөтүлгөн).*

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына***

"Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасында (*"Мамлекеттик бажы инфраструктурасы" ачык акционердик коому*) №1 тиркемеде көрсөтүлгөн подрядчылар тарабынан аткарылган курулуш иштеринин көлөмүнүн 9 353,0 миң сом суммасындагы жогорулатууларын ордуна коюу боюнча чаралар көрүлсүн.

## Мамлекеттик сатып алуулар

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамлекеттик бажы кызматынын "Бажы инфраструктура" мамлекеттик ишканасына караштуу "Ляззат" жоопкерчилиги чектелген коомунда*** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун тиркелген типтүү тартибинин (мындан ары – Типтүү тартип) 28, 57-пункттарына ылайык, 3 396,0 миң сомго түз сатып алуулар жүргүзүлгөн. Аталган Типтүү тартиптин 3-бөлүмүнүн 13-пунктунда "Заказчы

системада жашырын сатып алууларды кошпогондо, жүргүзүлгөн сатып алуулар жөнүндө отчетту кварталдык негизде жайгаштырат. Отчетто сатып алуулардын жүргүзүлгөн методдору, контрагенттердин аталыштары, сатып алуулардын суммалары жана предметтери жөнүндө маалыматтар камтылууга тийиш” деген талаптары сакталбастан, жалпы суммасы 3 396,0 миң сомго өткөрүлгөн сатып алуулар тууралуу отчеттор сатып алуулар порталына/системага жайгаштырылган эмес.

Мындан тышкары, ***Мамлекеттик бажы кызматынын “Бажы инфраструктурасы” мамлекеттик ишканасында*** (*“Мамлекеттик бажы инфраструктурасы” ачык акционердик коому*) да Типтүү тартиптин 3-бөлүмүнүн 13-пунктунун талаптары сакталбастан, жалпы суммасы 10 012,0 миң сомго өткөрүлгөн сатып алуулар тууралуу отчеттор сатып алуулар порталына жайгаштырылган эмес.

***Бажы инфраструктурасы мамлекеттик ишканасында*** (*“Мамлекеттик бажы инфраструктурасы” ачык акционердик коому*) жана ага караштуу ***“Ляззат” жоопкерчилиги чектелген коомунда*** Типтүү тартиптин 6-бөлүмүнүн 29-пунктундагы “Жеткирүүчүлөрдү конкурска катышууга чакыруу үчүн заказчы ыйгарым укуктуу орган тарабынан иштелип чыккан Стандарттык конкурстук документтердин (мындан ары - СКД) негизинде өткөрүлүүчү ар бир конкурска конкурстук документтерди иштеп чыгат” жана 30-пунктунун 1-пунктчасындагы “конкурстук документтерде конкурстук өтүнмөнү даярдоо боюнча нускамасы камтылууга тийиш” деген талаптары сакталбастан, 2024-жылы өткөрүлгөн бардык сатып алууларды уюштурууда конкурстук өтүнмөнү даярдоо боюнча нускамасы камтылган эмес.

***“Бажы инфраструктурасы” мамлекеттик ишканасында*** (*“Мамлекеттик бажы инфраструктурасы” ачык акционердик коому*) Типтүү тартиптин 9-бөлүмүнүн 52-пунктунда белгиленген ченемдерге карабастан, 2024-жылы котировкаларды суроо/жөнөкөй методу аркылуу жүргүзүлгөн сатып алуулар айрым беренелер боюнча белгиленген чектен ашкан. Атап айтканда, ар бир беренеге 3 000,0 миң сомго чейинки чектөө көрсөтүлгөнүнө карабастан, 3112 “Машиналар жана жабдуулар” беренеси боюнча 16 044,2 миң сомго 16 конкурс, ал эми 2221 “Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” беренеси боюнча 19 687,8 миң сомго 10 конкурс өткөрүлгөн. Жыйынтыгында, 29 732,0 миң сомго сатып алуулар белгиленген чектен ашырылган.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун тиркелген типтүү тартибинин:

1. 3-бөлүмүнүн 13-пунктунун талаптарын аткарбастан, Мамлекеттик бажы кызматынын “Бажы инфраструктурасы” мамлекеттик ишканасында

(*“Мамлекеттик бажы инфраструктурасы” ачык акционердик коому*) жалпы 10 012,0 миң сомго, “Бажы инфраструктурасы” мамлекеттик ишканасына караштуу “Ляззат” жоопкерчилиги чектелген коомунда жалпы 3 396,0 миң сомго өткөрүлгөн сатып алуулар тууралуу отчетторун сатып алуулар порталына/системага жайгаштырылган эмес;

2. 6-бөлүмүнүн 29-пунктунун талаптары сакталбастан, **Бажы инфраструктурасы мамлекеттик ишканасында** (*“Мамлекеттик бажы инфраструктурасы” ачык акционердик коому*) жана ага караштуу **“Ляззат” жоопкерчилиги чектелген коомунда** 2024-жылы өткөрүлгөн бардык сатып алууларды уюштурууда конкурстук өтүнмөнү даярдоо боюнча нускамасы аткарылган эмес;

3. 9-бөлүмүнүн 52-пунктунда белгиленген ченемдерге карабастан, “Бажы инфраструктурасы” мамлекеттик ишканасында (*“Мамлекеттик бажы инфраструктурасы” ачык акционердик коому*) 2024-жылы котировкаларды суроо/жөнөкөй методу аркылуу сатып алууларды жүргүзүүдө айрым беренелер боюнча белгиленген чектен ашышына жол берген кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

## Дебитордук жана кредитордук карыздар

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамлекеттик бажы кызматынын “Бажы инфраструктурасы” мамлекеттик ишканасында*** (*“Мамлекеттик бажы инфраструктурасы” ачык акционердик коому*) түзүлгөн келишимдерге ылайык, “Бажы инфраструктурасы” мамлекеттик ишканасы оператор катары жеке компанияларга “ARM-брокер” программалык камсыздоосуна жетүү боюнча кызматтарды көрсөткөн. Көрсөтүлгөн кызматтардын баасы бажы декларациясынын негизги барагын даярдоо үчүн 150 сом жана кошумча баракты даярдоо үчүн 100 сом белгиленген. Эсептөө мөөнөтү 1 ай, төлөм оператордун эсебине которуу жолу менен эсеп айынын аяктаган күнүнөн тартып 10 күндүн ичинде жүргүзүлөт.

2024-жыл ичинде “ARM-брокердик” программалык камсыздоосун пайдалануу боюнча 64 403,9 миң сомго кызмат көрсөтүү жүргүзүлгөн. Иш жүзүндө 49 518,4 миң сом төлөнүп, анын ичинен өткөн жылдардагы карызды жабуу графигинин негизинде 17 088,5 миң сом төлөнгөн, 2024-жылдын 31-декабрына карата карыз 117 386,0 миң сомду түзгөн. Мындан сырткары, “ARM-брокердик” программалык камсыздоосун пайдалануу үчүн брокердик компаниялардын дебитордук карызы финансылык отчетто, бухгалтердик документтерде жана баланста көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына:***

*“Бажы инфраструктурасы” мамлекеттик ишканасында* (*“Мамлекеттик бажы инфраструктурасы” ачык акционердик коому*) дебитордук карыздын толук суммасын аныктоо үчүн, “ARM-брокердик” программалык камсыздоонун кызматтарын пайдаланган субъекттер менен салыштыруу актылары түзүлсүн, дебитордук карыздын так суммасы аныкталгандан кийин финансылык

отчетторго, бухгалтердик балансқа толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамлекеттик бажы кызматынын "Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасы*** (*"Мамлекеттик бажы инфраструктурасы" ачык акционердик коому*) тарабынан жыл ичинде жеке субъекттер менен автотранспорт жолу аркылуу Кыргыз Республикасынын бажы аймагынан өтүүчү товарларды алып өтүү боюнча кызматтарды көрсөтүү боюнча келишимдер түзүлгөн. Түзүлгөн келишимдерге ылайык, көрсөтүлгөн кызматтардан алынуучу акы 1 транспорт бирдиги үчүн 8,0 миң сомду түзөт. Түзүлгөн келишимдин 3.4-пунктуна ылайык, субъекттер мамлекеттик ишканага ар бир мөөнөтү өтүп кеткен күн үчүн төлөм суммасына 1% өлчөмүндө айып пул төлөйт. Бухгалтердик баланстагы 1410 эсеби боюнча 2024-жылдын аягына карата 80 384,6 миң сомдук дебитордук карыздын ичинде, ошондой эле ушул түзүлгөн келишим боюнча субъекттердин кызмат көрсөтүүлөрү үчүн карыздары көрсөтүлгөн. Ошол эле учурда, келишимдин 3.4-пунктуна ылайык, ар бир кечиктирилген күн үчүн 1% өлчөмүндө болгон карыздар боюнча пайыздар эсептелинген эмес. Алсак, болгону 2 субъект боюнча чегерилген айыптын суммасы 30 410,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына***

*"Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасында* (*"Мамлекеттик бажы инфраструктурасы" ачык акционердик коому*) Кыргыз Республикасынын бажы аймагынан өтүүчү товарларды алып өтүү боюнча кызматтарды көрсөтүү боюнча келишимдердин 3.4-пунктуна ылайык, дебитордук карызы бар субъекттер менен, салыштыруу актыларын түзүү менен бирге, анын жыйынтыгы боюнча айыптык санкцияларды эске алуу менен, дебитордук карыздын тиешелүү суммасын өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**аудитору** **А.Т. Байгазаков**